ИНН 02207200310192

№ 57

«18» 06 2020 ж.

# К.Маликов атындагы орто мектебинин 2019-2020-окуу жылындагы тарбия иштеринин жылдык анализи.

# К.Маликов атындагы орто мектебинин 2019-2020-окуу жылындагы тарбия иштеринин жылдык анализи.

**Кыргыз Республикасынын Эгемендуулугунун 29 жылдыгы.**
Мектеп боюнча атайын чыгарылган буйруктун негизинде план түзулүп,ошол план боюнча класстык сааттар өтүлдү. Айылда өткөрүлгөн эгемендик күнүнө арналган майрамга мектеп окуучулары тарабынан даярдалган концерттик программа көрсөтүлдү. Программаны ТИ боюнча мүдүрдүн орун басары даярдады.Окуучулардын койгон номерлери айыл тургундарынын купулуна толуп жана алардын ыраазычылыктарына ээ болушту. Ошондой эле окуучулар айыл өкмөтү тарабынан белектер менен сыйланышты.

**Жаңы муун.**
К.Маликов атындагы орто мектебинде «Жаңы муун» программасы боюнча ар кандай иш-чаралар уюштурулуп турат. Мектеп боюнча жана райондук деңгээлде түзүлгөн пландын негизинде иш-чаралардын баардыгы өткөрүлөт. Мисалы: "Баардык балдар окууга тийиш"айлыгынын өткөрүлүшү, мектепке келбеген окуучулар жана сабакты көп калтырган окуучулар менен иш-жүргүзүү камтылган. Ар кандай тарбиялык иштер өткөрүлүп жана Ысык-Ата РБББ нө жыйынтык отчеттору берилип турат.

**Коңул бургула! Баардык балдар билим алууга тийиш!**
-"Көңүл бургула, бардык балдар окууга тийиш!" райондук айлыгынын өткөрүлүшү.
К.Маликов атындагы орто мектебинде баардык окуучуларды мектепке тартуу максатында мектеп мугалимдери тарабынан август, январь, май каттоосу жүргүзүлдү.
Атайын буйруктун негизинде ар бир класста тарбиялык сааттар өтүлдү.
"Баардык балдар билим алууга тийиш" аттуу рейд өткөрүлүп мектептин окуучуларынын саны такталды жана жыйынтыгында мектепке келбеген окуучулар жок экендиги аныкталды.
"Ар бир соц.топтогу балдарга акт түзүлүп, атайын папка ачылып, соц. топтогу бала жөнүндөгү толук маалыматтар салынды.

**Социалдык акыйкат күнүно** арналган айлыктын өткөрүлүшү жөнүндө.
К.Маликов атындагы орто мектебинде социалдык акыйкат күнүнө карата төмөнкүдөй иш-чаралар аткарылды: Мектептеги окуучулардын баардык тиешелүү документтери текшерилип, иретке келтирилди. Мектепте туулгандыгы тууралуу күбөлүктөрү жок 2 окуучу бар. Алар 1-класстын окуучусу Тойчубекова Камила, 2-класстын окуучусу

Тынчылыков Марсел. Бул окуучулардын ата-энелери менен түшүндүрүү иштери жүргүзүлдү жана түшүнүк каттар алынды.Тойчубекова Камиланын апасы Россиянын жараны болгондуктан өзүнө паспорт алып, андан соң балага күбөлүк ала тургандыгын билдирди. Тынчылыков Марселге апасы өзүнүн мүмкүнчүлүгүнө жараша аларын билдирди.

Баардык окуучулар медициналык кароодон өткөн.”Класстар арасында “Карысы бардын, ырысы бар”деген темада класстык сааттар өтүлдү. Ошондой эле майыптар күнүнө арналган ар кандай темада класстык сааттар өтүлдү.

**1-сентябрь “Билим күнүн”өткөрүү жөнүндө.**

1-сентябрь “Билим күнүнө”карата 1-11-класстарда салтанаттуу тизим өткөрүлүп, жаңы окуу жылына карата чыгарылган мектептин буйругу менен тааныштырылды. Окуучулар жана мугалимдер каалоо тилектерин айтып,”Билим күнү” менен куттукташты.1-коңгуроо кагылып, Билим күнүнө арналган “Менин досум компьютер”-деген темада 1-4-класстарда,”Санарип технологиялар адамдын турмушунда” –деген темада 5-7-класстарда,”Бүгүнкү күндүн жана санариптик келечектин кесиптери”-деген темада 8-11-класстарда класс жетекчилер ачык сабактарды өтүштү. Өткөрүлгөн иш-чаралар боюнча атайын папка түзүлдү.

**Планетанын озон катмары.**

Мектептин 17-сентябрь 2019-жылы атайын чыгарылган буйругунун негизинде “Планетанын озон катмары”жөнүндө өтүлгөн райондук семинарга катышып келдим. Ошонун негизинде мектепте 1-11-класстарда Озон катмарын сактап калуу боюнча тарбиялык класстык сааттар өтүлдү. Озон катмары жөнүндө маалыматты класс жетекчилер интернет булактарынан алышты. Сабак өтүүдө озон катмары жөнүндө жазылган брошюркаларды, плакаттарды колдонушту. Семинарга барып келгенден кийин 9-10-11-класстар арасында “Озон катмарын сактайбыз”аттуу конкурс өтүлдү жана ал жерде окуучулардын кызыгуусун, талаш тартышты жаратты. Окуучулар бири-бири менен пикир алмашып, экологияны сактап калуу чоң проблема экенин түшүнүштү. Ошондой эле жаратылышка, экологияга түшүнүү менен мамиле кылуу керектигин билишти. Өтүлгөн иш-чаралар боюнча атайын папка түзүлүп, тарбиялык сааттардын иштелмелери салынды.

**“23-сентябрь Мамлекеттик тил” күнү**

11-сентябрдан 21-сентябрга чейин “23-сентябрь Мамлекеттик тил”күнүнө карата он күндүк жарияланып, план түзүлдү. Ошол пландын негизинде биздин мектептин окуучулары жана мугалимдери класстар аралык “Акыл ордо”таймашын өтүштү. Тил күнүнө карата викторина, суроо-жооп, ыр, акыя айтышуу болду жана жеңүүчүлөр аныкталып, мактоо грамматасы менен сыйланды. Мектептер аралык өтүлгөн Айталиев атындагы Туз орто мектебиндеги “Акыл ордо” таймашына 6-класстын мектеп ичинде өтүлгөн конкурстан жеңген окуучулар катышып, 1-орунду алышты. Бул таймашка кыргыз тили сабагынын мугалими Мамбеталиева Саадат даярдап барды. Андан сырткары 1-11-класстарда “23-сентябрь Мамлекеттик тил”күнүнө карата класстык сааттар өтүлүп, сүрөт көргөзмөсү уюштурулду. Сүрөт көргөзмөсүн сүрөт сабагынын мугалими Сыдыгалиева Гүлнара уюштурду. Кыргыз тил мугалими Керимбаева А. жана Шабданбекова В., Мамбеталиева С. дил баян, сочинениелерди жаздырды.

23-сентябрда "Мамлекеттик тил күнүнө арналган салтанаттуу тизим өткөрүлүп, он күндүктүн жыйынтыгы чыгарылды жана РБББ нө маалымат берилди.

**Карылар күнү.**

Октябрь айында К.Маликов атындагы орто мектебинде окуучуларды улууларды урматтоого, кайрымдуулукка, маданияттуулукка тарбиялоо максатында "Ар үйдө ак сакалдуу кары болсун!" деген темада карылар күнүнө арналган тарбиялык саттар өтүлдү. Жардамга муктаж болгон кары адамдарга жардам көрсөтүү максатында мектепте "Тимурчулар" тобу түзүлгөн. Ага 7-8-9-11-класстын окуучулары кирет.

| Класс | Кл.жетекчи | Бекитилген адам | Туулган жылы | Жашаган жери |
|---|---|---|---|---|
| 7 | Жылкыбаева А | Мусурова Калдык | 1937 | Куренкеев 14 |
| 8 | Чортонова Н | Абдраимов Канат | 1963 | Марс н/ж |
| 9 | Молдокеева Э | Карабаева Асылбүбү | 7.03.1928 | Кара-Булуң |
| 10 | Керимбаева А | Абдраимова Суксур | 13.08.1938 | Марс 3 |
| 11 | Жылкыбаева А | Иманалиева Назгул | 14.08.1972 | Марс 46 |

Ар бир бекитилген адамдарга "Тимурчулар"тобу майрам күндөрү барып куттуктап турушат. Мезгил мезгили менен барып, үйлөрүнүн тегерек четин тазалап, отун жарып, жардам көрсөтүшөт. Класс жетекчи тарабынан атайын дептер ачылып, "Тимурчулар"тобунун ар бир барып жардам көрсөткөн күндөрү жазылып турат.

**Мугалимдер күнү**

Мугалимдер күнүнө карата ар бир класс дубал газеталарды чыгарып, мугалимдерди майрамы менен куттуктаган каалоо, тилектерин билдиришти.

Өзүн-өзү башкаруу уюмундагы окуучулар майрамдык концерт тартуулашты.

**Күз майрамы.**

Күз майрамы 30-ноябрда үч этапта конкурс түрүндө өттү. 1-этап 1-4-класстар, 2-этап 5-7-класс, 3-этап 8-11-класстарда. Жыйынтыгында калыстар тобунун баалоосу менен жеңген класстар аныкталды.

**Күзгү каникул.**

Күзгү каникул күндөрүн окуучулар туура өткөрүү жана каникул күндөрү коопсуздук эрежелерин туура сактоо максатында төмөнкүдөй иш-чаралар аткарылды:

-1-11-класстардагы окуучулар коопсуздук эрежелери менен тааныштырылды;

-Ар бир окуучуга коопсуздук дептерлерине кол койдурулду жана түшүндүрүү иштери жүргүзүлүп, үйлөрүнө таратылды.

**Терроризм жана диний экстремизм.**

2015-жылдын 14-сентябрындагы КР Терроризм жана диний экстремизмге каршы күрөшүү маселеси боюнча КР коргоо кеңешмесинин чечими, Ысык-Ата РБББнүн 2015-жылдын 12-октябрындагы №53 буйругун аткаруу максатында мектептин 12-октябрь 2015-жылы №46/1буйругу чыгарылган. Ал буйрукту 2018-2019-окуу жылында да улантып, төмөнкүдөй иш-чаралар аткарылды:

-Диний экстремизмге каршы күрөшүү боюнча 1-4-класстарда аңгеме түрүндө өткөрүлдү.

- Диний экстремизмге каршы күрошүү боюнча 5-11-класстарда атайын тарбиялык сааттар өтүлдү. Сабак өтүүдө мугалимдер интернеттердеги ар түрдүү видеороликтерди, цитаталарды колдонуу менен окуучуларга жеткиликтүү түшүндүрө алды. 11-класстын класс жетекчиси Жылкыбаева Айжан "Кыргызстандагы эл аралык терроризм коркунучтуу"деген темада ачык сабак өтсө, 8-класстын класс жетекчиси: Чортонова Нурзат "Диний экстремизм" деген темада тегерек стол өттү. Сабак өтүүдө мугалимдер интерактивдүү ыкмаларды колдонуу менен окуучулардын толук түшүнүүсүнө oбoлгo түзүлдү. Өтүлгөн сабактар максатына жетти. Жалпысынан мектеп окуучуларынын Диний экстремизм жана терроризм жөнүндө түшүнүктөрү бар.

**Баткен окуясы.**

Атайын мектептин буйругунун негизинде Баткен окуясын окуучуларга толук түшүндүрүү максатында мектепте "Баткен окуясы"деген темада мектеп боюнча түзүлгөн пландын негизинде төмөнкүдөй иш-чаралар өтүлдү:

"Баткен окуясы" күнүнө карата баардык класстарда тарбиялык сааттар өтүлдү. Тарбиялык сааттардын өтүлүшүндө класс жетекчилер окуучуларды эли жерин сүйүүгө эли үчүн кызмат кылууга тарбиялоо максатында "Баткен окуясы" жөнүндө кеңири маалыматтарды беришти. Баткен окуясында курман болгондордун эрдиктери жөнүндө айтылып, Баткен окуясынын себеби түшүндүрүлдү.

"Баткен окуясы" күнүнө арналган салтанаттуу тизим 25-октябрда өтүлдү. Тизим КРнын Гимни менен башталды. Тизимдин жүрүшүндө "Баткен окуясынын" болуу себептери жөнүндө жана бул күн тарыхта калып, ошондой эле ар бир кыргыз жигити үчүн сабак болору, ар бир эр жигиттин милдети-эли жерин коргоо, эл жери үчүн өзүнүн салымын кошуу керектиги баса белгиленди. Айылдан Баткен окуясы болуп жатканда ошол жакка барып, өзүнүн атуулдук милдетин аткарып келген 1974-жылы Тоң районунун Темир-Канат айылында туулуп азыр Чоң-Далы айылында туруктуу жашап жаткан Эшенов Нурмат чакырылды. Ал Баткенге барганда болгон окуялар жөнүндө айтып берүү менен окуучуларга эл жери үчүн кызмат кылуу баа жеткис байлык экендигин баса көрсөтө кетти. Эшенов Нурматтын айткан сөздөрү окуучулардын, айрыкча эркек балдардын Ата Мекенге болгон сүйүүсүн дагы бир жолу ойгото алды.

Баткен окуясына карата атайын бурч уюштурулуп, ар бир класс дубал газеталарды чыгарышты. Баткен окуясы боюнча өтүлгөн иш-чаралардын жыйынтыгы чыгарылып, атайын папка даярдалды жана РБББ но маалымат берилди.

**ВИЧ, СПИД эпидемиясынын эскертүүнүн алдын алуу боюнча социалдык экономикалык мамлекеттик программасы.**

1-ноябрдан 29-декабрга чейин "СПИД коркунучтуу дарт" деген темада айлык жарыяланды. К. Маликов атындагы орто мектебинде 2019-2020-окуу жылында ВИЧ, СПИДке каршы күрөшүү акциясынын негизинде төмөнкүдөй иш -чаралар өткөрүлдү: Бул иш- чараларды өткөрүү үчүн атайын план түзүлүп бекитилген жана тизим өткөрүлүп айлыктын жүрүшү боюнча маалымат берилди. Анда класстык сааттар, конкурсттар, сүрөт көргөзмөсү, тегерек стол өткөрүлдү. Бардык иш-чаралар "жакшы" деңгээлде өткөрүлдү деп жыйынтыкталды жана РБББ нө маалымат берилди.

**4-декабрь "Манас" күнү**

Ноябрь айында "Манасты кыргыз даңктаган, кыргызды Манас сактаган"деген темада мектеп аралык сүрөт тартуу, дил баян жазуу боюнча конкурс өтүлдү. Анда эң жакшы

тарткан окуучулардын сүроттору жана дил баяндары мектеп боюнча атайын уюштурулган бурчка коюлду.

4-декабрь "Манас" күнү деп белгиленгендигине байланыштуу ар бир класс атайын тарбиялык саттарды отүп, дубал газета чыгарышты

**"Биз биргебиз"Эл аралык Майыптар күнү.**

"Эл аралык Майыптар күнүн жана кайрымдуулук айлыгын "откорүлүп, мүмкүнчүлүктору чектелген адамдарга колдоо корсотүү үчүн "Биз биргебиз"акциясын уюштуруп материалдык, социалдык жардам корсотүү ар бир адамдын атуулдук милдети экендиги айтылды жана окуучуларды боорукерликке, кайрымдуулукка үйротүү максатында тарбиялык саттар уюштурулду.

2-топтогу майып, жалгыз бой эне Иманалиева Назгүлго кайрымдуулук акциясынан чогулган акчалай жана материалдык жардам корсотүлдү. Иманалиева Назгүлго бир гана майыптар күнүндо эмес, мугалимдер жана окуучулар тарабынан дайыма жардам корсотүлүп турат.

"Тимурчулар" тобу болсо озүлорүно бекитилген адамдарга барып жардам корсотүштү.

**Жаңы жыл майрамын откорүү.**

Мектепте жаңы жыл майрамын откорүү томондогүдой болду:
25-декабрда мектептин спорт залына балаты орнотулуп, жаңы жыл майрамы үч этапта Аяз ата, Аяз кыз жана жомоктогу каармандардын катышуусу менен отүлдү. Жаңы жылдык майрамга ата-энелер, мугалимдер жана окуучулар катышты.

**Губернатордук ёлка.**

К.Маликов атындагы орто мектебинен губернатордук ёлкага мектепте жакшы окуган жартылай жетим 5-класстын окуучу Бекчороев Куттубек барып келди.

**Аким тарабынан уюштурулган балаты майрамы.**

Аким тарабынан уюштурулган балаты майрамына биздин мектептен 3-класстын окуучусу Медетбекова Айзирек, Тынчылыков Марсел, Мусаев Кыдыраалы, 4-класстын окуучусу Кубанычбеков Элмырза барып келишти.

**Бүткүл дүйнолүк коррупцияга каршы күрошүү.**

Ысык-Ата РБББ нүн 21-декабрь 2015-жылындагы "Бүткүл дүйнолүк коррупцияга каршы күрошүү" боюнча атайын буйрук чыгарылып, ал буйруктун негизинде иш-чараларды аткаруу 2019-2020-окуу жылында да улантылып турду. Ар бир кварталда 1-4-класстарда тарбиялык саатар аңгеме түрүндо, 5-11-класстарда тарбиялык саатар тереңдетилген түрдо отүлүп турду. Окуучулардын коррупция жонүндо түшүнүктору бар.

**Кышкы каникул.**

Кышкы каникул убагында окуучулардын коопсуздугунун алдын алуу боюнча жүргүзүлгөн иш-чаралар:

Окуучулар каникулга кетээрдин алдында КЭ, ЖЖЭ менен тааныштырылып, кол койдурулду. Ошондой эле "Жарылуучу заттар"деген темада класстык саатар отүлүп, пиротехникалык каражаттарды туура колдонуу эрежелери жөнүндө окуучуларга маалымат берилди.

**2020-жыл "Аймактарды өнүктүрүү жана өлкөнү санариптештирүү, балдарды коргоо жылы"**

КРнын президенти тарабынан быйылкы жыл **"Аймактарды өнүктүрүү жана өлкөнү санариптештирүү, балдарды коргоо жылы"** деп жарыяланды. Бул жарлыкты ишке ашыруу максатында мугалимдерге түшүндүрүү иштери жүргүзүлүп, 2020-жылдын аягына чейин окуучулар менен бирдикте иш жүргүзүп туруулары жөнүндө айтылды. Мугалимдер тарбиялык сааттарды өтүүдө аймактарды өнүктүрүү, өлкөнү санариптештирүү, балдарды коргоо жылына карата төмөнкүдөй иш-чаралар аткарылды.

"Аймактарды өнүктүрүүгө мен кандай салым кошо алам" "Ааламга жол айылдан башталат", "Балдар биздин келечегибиз", "Зомбулуксуз жашоо"-деген темаларда тарбиялык сабактар өтүлдү. Ар бир баланын өздүк документери такталып, ИННи жок 32 балага ТИ б-ча мүдүрдүн орун басары мектептин мүдүрүнүн буйругунун негизинде декабрь, январь айынын ичинде ИНН алып берди.

**Өзгөчө кырдаалдын алдын алуу боюнча кабыл алынган чаралар жөнүндө.**

К.Маликов атындагы орто мектебинде өзгөчө кырдаалдын алдын алуу үчүн кабыл алынган план боюнча иш-чаралар өткөрүлдү. 1-11-класстарда "Өзгөчө кырдаал деген эмне", "Жаратылыш кырсыктары", "Жол кырсыктарынын алдын алуу", "Өрт тилсиз жоо", "Жарылуучу заттар"деген сыяктуу темаларда класстык сааттар өтүлдү. Окуучулар өтүлгөн сабакта алган билимдерин күнүмдүк жашоо тиричилигинде туура колдоно билүүгө үйрөнүшөт.

**Диний экстремизмдин кеңешинин жайылышынын алдын алуу жана аны токтотуу жөнүндө .**

Окуучулар арасында диний экстремизм жөнүндө төмөнкүдөй иш-чаралар өтүлдү: Атайын план түзүп, ал пландын негизинде мечитке барган окуучулардын тизмеси алынды. Ал окуучулар менен түшүндүрүү иштери жүргүзүлүп, ата-энелери балдарынын мечитке барып жаткандыгын биле тургандыгы жөнүндө түшүнүк каттары алынды.

**Советтик аскерлердин Афганистан Демократиялык Республикасынан чыгарылышынын** 30жылдыгын майрамдоо боюнча иш-чаралардын аткарылышы: Советтик аскерлердин Афганистандан чыгарылышынын 30 жылдыгына карата мектеп боюнча атайын план түзүлүп, ошол пландын негизинде төмөнкүдөй иш-чаралар аткарылды:

1-11-класстарда атайын тематикалык класстык сааттар өтүлдү. Ар бир класс жетекчи окуучуларга "Ооган" согушу жөнүндө толук маалымат берди. Класстык сааттарды өтүүдө мугалимдер көрсөтмө куралдарды колдонушту. 1-11- класстар дубал газеталарды чыгарышты.

14-февралда мектептин актовый залында салтанаттуу тизим өтүлдү. Тизимде биздин айылдан ооган жергесине барып, курман болгон Марс Мамбеталиевди эскерүү болду. Андан сырткары атуулдук милдетин Ооган жергесинде өтөп, айылына аман-эсен келген Жонгучкаев Акылбек, Сыдыков Өмүрбек агалардын да эрдиктери айтылып, окуучулардын патриоттук сезимин ойготту. Салтанаттуу тизимдин аягында окуучулар тарабынан даярдалган концерттик программа көрсөтүлдү. Тизимди ТИ боюнча мүдүрдүн орун басары өттү.

Сүрөт сабагынын мугалими сүрөт көргөзмөсүн “эң мыкты” тарткан окуучулардын сүрөттөрү менен уюштурду. Ошондой эле Марс Мамбеталиев агабыздын өмүрүн баяндаган буклет жасалды.

**Ата-Мекенди коргоочулар күнү.**

Ата-Мекенди коргоочулар күнүнө карата мектеп боюнча атайын түзүлгөн пландын негизинде төмөнкүдөй иш-чаралар өтүлдү:

14-февралдан 21-февралга чейин Ата-Мекенди коргоочулар күнүнө карата бардык класстарда атайын тарбиялык сааттар өтүлдү. Тарбиялык сааттардын өтүлүшүндө класс жетекчилер окуучуларды эли жерин сүйүүгө, эли үчүн кызмат кылууга тарбиялоо максатында патриоттук сезимдеги ырларды айттырып, макал-лакаптарды чечмелешти. Ошондой эле жоокерлердин эрдигин даңазалаган сүрөттөрдү көрсөтмө курал катары пайдаланышты.

20-февралда 9-10-11-класстын балдарынын арасында спорттук таймаш өткөрүлдү. Бул таймашта окуучулар эки топко бөлүнүп, ар бир берилген тапшырманы өзүнүн эрежеси менен туура, так жана тездик менен аткарууга аракет жасашты. Бул таймашты дене тарбия мугалими Сапарбеков Тилек жанаЧымырбаев Нурдыбек Райевич уюштуруп өткөрдү. Таймаштын өтүлүшүндө окуучулар ден-соолугун чыңдоо менен бирге көңүлдүү эс ала алышты.

**21-февралда Ата-Мекенди коргоочулар** күнүнө арналган салтанаттуу тизим өтүлдү. Тизим КРнын Гимни менен башталды. Тизимдин жүрүшүндө 23-февраль Ата-Мекенди коргоочулар күнүнүн тарыхы, ошондой эле ар бир кыргыз жигити эли жерин коргоого, эл жери үчүн өзүнүн салымын кошууга даяр болуу керектиги жөнүндө маалымат берилди. 23-февралга карата атайын бурч уюштурулуп, ар бир класс дубал газеталарды чыгарышты. Сүрөт сабагынын мугалими сүрөт көргөзмөсүн уюштуруп, окуучулардын Ата-Мекенди коргоочулар күнүнө карата тартылган “эң мыкты” сүрөттөрү коюлду.

**8-март “Аялдардын эл аралык күнү”**

8-март “Аялдардын эл аралык күнүнө” карата класстык сааттар өткөрүлүп, дубал газеталар чыгарылды.10-11-класстын кыздарынын арасында “Кана эмесе кыздар”конкурсу өткөрүлдү. Калыстар тобунун чечими жыйынтыгында жеңүүчүлөр аныкталды.

ТИ боюнча мүдүрдүн орун басары окуучулар менен бирдикте жалпы апаларга, мугалим эжейлерге, кыздарга, жалпы аял затына арнап майрамдык программасын тартуулашты. Бул жерде мугалим окуучулардын сахнада өзүн алып жүрүүсүнө, көркөм окуусуна, артистик деңгээлине көп көнүл бурулган.

**“Нооруз” майрамы.**

“Нооруз” майрамына карата ар бир класс кыргыздын каада-салт, үрп адаттарын көрсөтүштү. ”Нооруз майрамынын келип чыгуу тарыхы айтылып көркөм окуу, ыр бий менен коштолду.

**Жазгы каникул.**

Каникул күндөрү окуучулардын коопсуздугунун алдын алуу максатында окуучулар каникулга кетээрдин алдында КЭ, ЖЖЭ менен тааныштырылып, кол койдурулду.

Ошондой эле окуучуларга түшүндүрүү иштери жүргүзүлүп, жазгы талаа жумуштарын жасоодо өтө этият болуулары жөнүндө айтылып, үйлөрүнө таратылды.

**7-апрель "Элдик революция" күнү.**

"Элдик революция" күнүнө арналган эскерүү онлайн түрүндө өтүлдү. Анын жүрүшүндө "Элдик революциянын" болуу себептери жөнүндө жана бул күн тарыхта калып, ошондой эле ар бир кыргыз жигити үчүн сабак болору, ар бир эр жигиттин милдети-эли жерин коргоо, эл жери үчүн өзүнүн салымын кошуу керектиги боюнча ар бир класстын группасына мугалимдер маалымат берип, видеороликтерди тартып жөнөтүштү. Окуучулар менен кайтарым байланыш түзүлүп, окуучулар өзүлөрүнүн түшүнүктөрүн, сүрөттөрүн телефон аркылуу мугалимдерге жөнөтүштү.

**Чернобль окуясы.**

Чернобль окуясы жөнүндө окуучуларга маалымат берүү да онлайн өткөрүлдү. Ал үчүн атайын тарбиялык сааттар өтүлдү.Чернобль окуясы жөнүндө окуучулар мобилдик телефон аркылуу маалымат ала алышты жана бул жөнүндө өзүлөрүнүн ойлору менен группадан бири –бири менен бөлүшүштү.

**Жеңиш күнү**

УАМС жеңишинин 75- жылдыгын майрамдоо жана ага даярдык көрүү онлайн түрүндө өтүлдү.

Мектеп боюнча атайын түзүлгөн пландын негизинде төмөнкүдөй иш-чаралар камтылды:

"Улуу жеңиштин" 75 жылдыгына карата жүргүзүлүүчү иш-чара апрель айынан баштап 9-майга чейин улантылды.

Класс жетекчилер онлайн дил баян, эсселерди жаздырды.

Согуш жылдарындагы ырларды көркөм окуу конкурсу жарыяланып, ага 1-класстан 11-класска чейин окуучулар катышышты. Окуучулар өзүлөрүнүн көркөм окуусун жана обондуу ырларын видеого тартып, мугалимдерге жөнөтүштү. Көркөм окуу боюнча 9-класстын окуучусу Эркинова Нестан, обондуу ыр боюнча 11-класстын окуучусу Автандил уулу Дастан мектеп ичинде 1-орунга татыктуу болушту. Ошондой эле республикалык деңгээлде өтүлүп жаткан "Аталардын эрдигин даңктайбиз"аттуу республикалык онлайн –фестивалда "Обондуу ырлар"номинациясы боюнча катыша алышты. Конкурста Автандил уулу Дастан "Дипломант" деген наамга татыктуу болуп, диплом менен сыйланды.

9-майга карата окуучулар арасында онлайн сүрөт конкурсу да уюштурулду. Класс жетекчилер окуучулардын тарткан сүрөттөрүн, көркөм айтылган жана обондуу ырларынан видеолорду тартып окуучулар менен байланыш түзүлдү. Ошондой эле окуучулар согушка катышкан чоң аталары жөнүндө видеолорду тартып, группаларга жөнөтүп турушту.

Улуу Ата-Мекендик согуштун болуу себептери жөнүндө жана бул күн тарыхта калып, ошондой эле ар бир кыргыз жигити үчүн сабак болору, ар бир эр жигиттин милдети-эли жерин коргоо, эл жери үчүн өзүнүн салымын кошуу керектиги окуучуларга онлайн түрүндө түшүндүрүлдү.

**Энелер күнү.**

Мектепте энелер күнүнө карата 1-11-класста тарбиялык сааттар онлайн өтүлдү. Сабак өтүүдө класс жетекчилер эненин асылдыгын, улуугун, ыйыктыгын ачып көрсөтүү менен бирге, эненин эмгегин баалай билүүгө үйрөтүү максатындагы макал лакаптарды, ырларды, сүрөттөрдү колдонуп видеолорду тартып ата-энелер жана окуучулардын группаларына жиберишти. Видео тартууда окуучулардын апаларына арнаган сүрөттөрү, ырлары да камтылды. Онлайн өтүлүп жаткан майрамга ата-энелер да ыраазычылыгын билдиришти.

**Акыркы конгуроо.**

К.Маликов атындагы орто мектебинде "Акыркы коңгуроо"салтанаты 2020-жылдын 30-майында онлайн түрүндө өтүлдү. Акыркы коңгуроо салтанатына 1-9-11-класстын окуучулары, мугалимдер жамааты, ата-энелер, мугалимдер катышты. Мектеп мүдүрү акыркы конгуроо салтанаты шартка байланыштуу онлайн түрүндө өтүлүп жаткандыгына байланыштуу окуучуларды видео аркылуу куттуктап, 9-11-класcты бүтүрүү боюнча буйрук менен тааныштырды. Мүдүрдүн орун басарлары, класс жетекчилер да онлайн куттукташты. 1-9-11-класстын окуучулары мектепке, мугалимдерге, бүтүрүүчүлөргө арнаган ырларын, каалоолорун видео аркылуу билдиришти. Акыркы конгуроо салтанатына арналган видео тартылып,окуучулардын, ата-энелердин, окуучулардын группасына жөнөтүлдү жана РБББ нө маалымат берилди.

30-май күнү онлайн түрүндө окуучуларды үйгө тоого, кафелерге, эс алуучу жайларга барып өз алдынча эс алууга тыюу салынары жөнүндө буйрук менен дагы бир жолу тааныштырылып, балдардын өмүрү, коопсуздугун сактоо жоопкерчилиги ата-энелерге жүктөлүп, бул күнү мугалим, ИДН менен бирдикте окуучуларга көзөмөл кылынары жөнүндө эскертилди. Бул күнү эч кандай тартип бузуулар болгон жок.

30-майда телефон аркылуу маалыматты РБББ нө мектеп мүдүрү билдирип турду.

**1-июнь "Балдарды коргоо" күнү.**

1--июнь "Балдарды коргоо"күнү да онлайн өтүлдү. 1-класстан 11-класска чейинки окуучулардын тарткан сүрөттөрү, видео аркылуу жиберилген ырлары, мугалимдердин куттуктоосу менен класс жетекчилер тарабынан видео тартылды жана окуучулардын группасына жиберилди. Азыркы кырдаалга карабай балдарды кызыктырып, майрамды уюштуруп жаткан мугалимдерге ата-энелер ыраазычылыктарын билдиришти.

Ошондой эле окуучуларга каникул күндөрүндө коопсуздук эрежелерин туура сактоо жөнүндө ата-энелерге телефон аркылуу маалымат берилип, балдарынын коопсуздугуна көзөмөл кылуулары керек экендигине милдеттендирилди. Группалар аркылуу да окуучуларга коопсуздук эрежесин сактоо жөнүндө маалымат берилип, КЭ, ЖЖЭ жөнүндө тартылган видеолор жөнөтүлдү.

**Жалпы негизги билими тууралуу күбөлүк тапшыруу аземи.(9-кл)**

Жалпы негизги билими тууралуу күбөлүк тапшыруу санитардык-гигиеналык талаптарды сактоо менен 17-июнда,мектепке окуучулар бирден чакыртылып, тапшырылды. Күбөлүктөрүн тапшыргандан кийин КЭ менен окуучуларды тааныштырып, эч кандай эс алуучу жайларга барууга болбойт экендигин түшүндүрүп, окуучуларга кол койдурулуп, үйлөрүнө таратылды. Бул күнү эч кандай тартип бузуулар болгон жок.

**Аттестат тапшыруу аземи.(11-кл)**

11-класстын окуучуларына аттесттатты тапшыруу санитардык-гигиеналык талаптарды сактоо менен 17-июнда, мектепке окуучулар бирден
чакыртылып, тапшырылды. Аттестатты тапшыргандан кийин КЭ менен окуучуларды тааныштырып, эч кандай эс алуучу жайларга барууга болбойт экендигин түшүндүрүп, окуучуларга кол койдурулуп, үйлөрүнө таратылды. Бул күнү эч кандай тартип бузуулар болгон жок.

**Ата-энелер мүмкүнчүлүкторү менен иш алып баруу жонүндо.**

К.Маликов атындагы орто мектеби ата-энелер менен ар дайым байланыш түзүп турат. Балдардын окуусу гана эмес, мектептин ар кандай көйгөйлөрүн чечүүдө да ата-энелер өзүлөрүнун көмөктөрүн көрсөтүп жардам берип турушат. Ата-энелер менен бирдикте ар кандай иш-чаралар, семинар, жолугушуулар өткөрүлүп турат.

**Тарбиялык иштердеги багыттар.**

Балдардын мектептен тышкаркы убактагы өз алдынча иштөөсү жөнүндө (балдардын ийримдерге катышуусу)

| Ийримдерге катышкан балдар | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **Жыл.** | **Саны** | **Ок-лардын саны** | **Предметтик** | **Спорттук** | **“Чебер колдор”ийрими** | **Техник-лык** |
| 2018-2019 | 2 | 66 | - | 32 | 34 | - |
| 2019-2020 | 1 | 38 | - | 38 | - | - |

2018-2019-окуу жылында мектепте эки ийрим иштеди. Алар **“Чебер колдор”** жана **“Спорт”ийрими.**

Спорт жетишкендиктери жөнүндө.

Спорт боюнча мектепте “Спорт” ийрими иштейт. “Спорт”ийримине 38 окуучу катышат. Окуучулар бош убактыларын волейбол, футбол ойноо менен өткөрүшөт. Ийримди дене тарбия мугалими: Сапарбеков Тилек жетектейт. Окуучулар спорттун үч түрүн “волейболду”, “футболду”жана жеңил атлетиканы тандашкан. Ийрим жетекчиси Сапарбеков Тилектин ийрим боюнча атайын түзүлгөн планы бар. Ошол пландын негизинде, белгиленген график боюнча иш-алып барылат.Окуучулар футбол, волейбол, жеңил атлетика боюнча өтүлгөн мектеп аралык, айылдар аралык, райондук таймаштарга катышып турат. Апрель, май айында кружок иштери онлайн түрүндө өтүлүп, окуучуларга видеолор тартылып жөнөтүлүп турду.

ТИ боюнча мүдүрдүн орун басары: Шабданбекова В.Ч.

Мектеп мүдүрү: Бейшеналиева Ч.А.

№ 79
29 06 2021

# К.Маликов атындагы жалпы билим берүү орто мектебинин 2020-2021-окуу жылындагы тарбия иштеринин жылдык анализи.

## К.Маликов атындагы жалпы билим берүү орто мектебинин 2020-2021-окуу жылындагы тарбия иштеринин жылдык анализи.

**Тарбия ишиндеги негизги багыт:**

Билим берүү процесси менен бирге балдарды толлеранттуулукка , улуттук баалуулуктарды сактоого жана аяр мамиле жасоого патриоттуулукка тарбиялоо

**Тарбия ишинин максаты:**

1.Ар тараптан өнүккөн чыгармачыл,активдүү инсанды тарбиялоо;
2.Балдарды алган билимдерин жашоодо пайдалана билүүнү үйрөтүү жана калыптандыруу;
3.Окуучулардын ишмердүүлүгүн арттыруу менен жоопкерчиликтүүлүгүн жогорулатуу.

### Тарбия иштеринин уюштуруучулары;

1.Тарбия иштери боюнча директордун орун басары
2.Класс жетекчилердин саны:1-4-класс 3мугалим ; 5-9-класс 4 мугалим ; 10-11-класс 2 мугалим

### Тарбия иштери боюнча жалпы билим берүүдөгү сайтты колдонуу:

К.Маликов атындагы билим берүү орто мектебинин сайты ачылган.Сайтка:
-Мугалимдердин тизмеси;
-Окуучулардын тизмеси;
-ИСО 98 %
-22-февраль Өрт коопсуздугу;
-22-март "Бүткүл дүйнөлүк суу ресурстар күнү"
-февраль айында өтүлгөн "Мен жана тарых";
-8-мартка карата өтүлгөн "Сармерден"
-9-майга карата өтүлгөн "9-май Жеңиш күнү";
-25-май "Акыркы конгуроо" салтанаты
-24-июнь Аттестат тапшыруу аземи.
1-июнь "Балдарды коргоо күнүндө"өтүлгөн иш-чаралар киргизилген.

**2020-2021-окуу жылындагы класс жетекчилер усулдук бирикмесинин иши**

1. Класс жетекчилер усулдук бирикмесинин темасы-
2. Максаты-
3. Негизги маселелер-
4. Негизги багыты-
5. Негизги иш-аракеттин формалары:отурум,тегерек стол,тажрыйба алмашуу.
6. Класс жетекчилер усулдук бирикмесинин отурумунун саны -

7. Класс жетекчилер усулдук бирикмесинин отурумунун темалары-
8. Класс жетекчилер ишинин эффективдүүлүгү тарбия иштери боюнча директордун орун басары тарабынан төмөнкү формада көзөмөл кылынат:

К.Маликов атындагы жалпы билим берүү орто мектебинде класс жетекчилер усулдук бирикмеси түзүлгөн эмес.Класс жетекчилер бир жылга жана айларга бөлүнүп атайын түзүлгөн пландын негизинде тарбиялык иштерди алып барышат.Ар бир аткарылган иштин иштелмелеринин бирденин өзүлөрүнүн пакаларына салышат,ал эми экинчисин тарбия иштери боюнча директордун орун басарына өткөрүшөт.Мектепте ар бир даталуу күнгө карата өтүлгөн иш чара үчүн папка уюштурулган.Ал папкада өтүлгөн иш-чаранын иштелмелери салынат.

## Тарбия иштери боюнча директордун орун басары тарабынан ийрим ишине көзөмөл:

Мектепте "Спорт" ийрими түзүлгөн.Спорт ийримин дене тарбия мугалими Сапарбеков Тилек жетектейт.Эмгек стажы 3 жыл.Ийрим өтүү боюнча атайын планы бар.Ошол пландын негизинде ийрим иштери өтүлөт.Ийримдин өтүү жүгүртмөсү түзүлгөн,убактысы белгиленген.Ийримге катышкан балдар үчүн атайын журнал ачылган.Ийримге келген балдар өз убагында эсепке алынып,кайсы күнү,саат канчада өтүлгөндүгү тактальп турат.

**Секция,ийрим иштерине катышкан балдардын саны:**

| Ийрим | Предметтик | Техникалык | Спорттук |
|---|---|---|---|
| Ийримдин саны | - | - | 1 |
| Ийримге катышкан окуучулардын саны | | | 32 |

Спорт боюнча мектепте "Спорт" ийрими иштейт. "Спорт"ийримине 32 окуучу катышат.Окуучулар бош убактыларын волейбол,футбол ойноо менен өткөрүшөт. Ийримди дене тарбия мугалими:Сапарбеков Тилек жетектейт.Окуучулар спорттун үч түрүн "валейболду" жана "футболду"жеңил атлетиканы тандашкан.Окуучулар футбол,валейбол,жеңил атлетика боюнча өтүлгөн мектеп аралык,айылдар аралык,райондук таймаштарга катышып турат.1-сентябрдан 30-декабрга чейин онлайн окугандыгыбызга байланыштуу окуучулар менен онлайн форматта ийрим иши улантылып турду

## Окуучуларды тарбиялоодо китепкананын аткарган кызматы

Окуу жылында китепкана балдарды тарбиялоодо чоң ролду алып барат.Анткени китепканачы окуу,конференциялар тегерек столдорду өтүүдө, ар кандай даталарды белгилөөдө керектүү материалдар менен камсыз кылып турат. Балдардын ден соолугун чындоодо да ролу чоң.Анткени ден соолук бурч уюштурулуп,брощюра,буклеттерди балдарга маалымат катары стендге тагылат .

Ошондой эле түзүлгөн план боюнча төмөнкү иш чаралар аткарылды:

-Окуу куралдарынын сакталышына рейд ай сайын жүргүзүлүп турду.

-"СПИД-корунучтуу дарт" ден-соолук бурчу декабрь айында;

-Грип жугуштуу дарт"бурчу декабрь,февраль айларында

-"Коронавирус оорусу"бурчун августь –май айында уюштурду.

Апрель айында китепканачы " Бүткүл дүйнөлүк китепкана күнүнө"карата 8-11-класстарда тегерек стол ;
Май айында К.Тыныстановдун 120 жылдыгына карата 8-9-10-класстарга конференция өттү.

## Индекс:03-02 "Дени сак улут"

**ВИЧ,СПИД эпидемиясынын эскертүүнүн алдын алуу боюнча социалдык экономикалык мамлекеттик программасы.**

**"ВИЧ,СПИДге каршы күрөшүү" боюнча** Ысык-Ата районунун БББнүн16-ноябрь 2020-жылындагы №31 буйругунун негизинде мектеп боюнча атайын буйрук чыгарылып,ал буйруктун негизинде план түзүлүп, төмөнкүдөй иш-чаралар өтүлдү:

**"ВИЧ,СПИДге каршы күрөшүү"** күнүнө карата баардык класстарда атайын тарбиялык сааттар өтүлдү.Анын ичинен 1-4-класстарда сабак аңгеме түрүндө өтүлдү.Тарбиялык сааттардын өтүлүшүндө класс жетекчилер жугуштуу оорулар,анын ичинде **ВИЧ,СПИД** боюнча кеңири маалыматтарды беришти. **"ВИЧ,СПИДге каршы күрөшүү"**боюнча 3-класстын мугалими Сыдыгалиева Г"Биз СПИДге каршыбыз", 5-класстын класс жетекчиси:Талгарбекова "СПИД коркунучтуу дарт" ,11-класстын класс жетекчиси Керимбаева АВИЧ,СПИД 21-кылымдын эпидемиясы",9-класстын класс жетекчиси Чортонова Н "СПИД айыккыс илдет"деген темада ачык класстык саат өтүштү. Сабак көрсөтмөлүү,окуучуларга жеткиликтүү болуп өтүлдү.Буга чейин да мугалимдер окуучулар үчүн видеороликтерди тартышкан.

Мектепте сүрөт конкурсу болуп,окуучулар сүрөт,стенгазета тартышты.Окуучулардын мыкты тарткан сүрөттөрүнөн атайын бурч уюштурулду.

Мектепте ден соолук бурчу уюштурулуп,ал жерге агитациялык брошюралар,сүрөттөр жана буклеттер коюлду.

Мектеп окуучуларынын ВИЧ,СПИД боюнча түшүнүктөрү жакшы жана бул оорудан сактана билүүнүн жолдорун билишет.

**24-мартында "Кургак учук" күнү**

24-март күнү "Биз кургак учукка каршыбыз" деген темада тизим өтүлдү.Тизимде мед айым Сатымкулова Гүлнара окуучуларга кургак учук боюнча көп маалыматтарды айтып берди.Ошондой эле кургак учук оорусу жөнүндө китепчелерди окуучуларга таратып,кургак учук жөнүндө сүрөттөрдү көрсөттү.Негизинен алганда окуучулардын кургак учук боюнча маалыматтары жакшы.Себеби бир нече жылдан бери кургак учук жөнүндө тарбиялык саттар жыл сайын өткөрүлүп келе жатат.

Окуучулар арасында "Биз кургак учукка каршыбыз!" аттуу сүрөт көргөзмөсү жана мектептин китепканачысы тарабынан " ден соолук" бурчу уюштурулду.

**Зоонздук оорулар.**

Окуучуларга ар түрдүү жаныбарлар аркылуу жугуучу оорулар боюнча тарбиялык сааттар өтүлдү.5-класстын класс жетекчиси Талгарбекова А "Өзүңдү коргой бил" 10-класстын класс жетекчиси :Молдокеева Э "Тазалыкты сактайлы" деген темаларда ачык сабак өтүштү.Сабак өтүүдө мугалимдер көрсөтмө куралдарды колдонуп,окуучуларга жеткиликтүү кылып түшүндүрө алышты.

2020-жылдын 30-январындагы №7 **"Коронавирус"оорусунун алдын алууга карата чыгарылган** буйругунун негизинде өткөрүлгөн иш-чара

К.Маликов атындагы билим берүүчү орто мектебинде Ысык-Ата РБББнүн 2020-жылдын 28-январындагы Окуучулар арасындагы респиратордук вирустук катуу инфекциялык ооруларды алдын алуу боюнча №5, атайын чыгарылган буйруктун негизинде төмөнкүдөй иш-чаралар аткарылды:

Мектепте иштеген мугалимдер жамаатынын,тех.кызматкерлерди жана окуучулар чыгарылган буйрук менен тааныштырылды.Ошондой эле мектеп ичине,ар бир класска,"Коронавирус" оорусунун алдын алуу максатында ден соолук бурчтары уюштурулду.

0-4-класстарда класстык сааттар аңгеме түрүндө өтүлүп,"Коронавирустун" алдын алуу,сактануу жолдору боюнча сүрөттөр көрсөтүлдү жана бул оорунун коркунучтуу экендиги тууралуу маалымат берилди.Окуучулар өздөрүнүн түшүнгөндүгүн сүрөт тартып,кластер түзүү менен далилдеп беришти

5-11-класстарда атайын класстык сааттар өтүлүп, мугалимдер окуучуларга "Коронавирус"оорусу жөнүндө тартылган видеороликтерди көрсөтүп,көрсөтмө курал катары ар түрдүү сүрөттөрдү колдонушту.Ошондой эле окуучулар терең түшүнүшү үчүн айрым класстар чакан сценка да көрсөттү.Азыркы учурда бир нече өлкөгө таралгандыгы жөнүндө айтылып,көпчүлүк чогулган коомдук жайларда эрежелерди сактоо ооруну жугузуп алуунун алдын ала тургандыгы жөнүндө окуучуларга кененирээк маалымат берилди.Кандайдыр бир оорунун белгилери байкалса медицина кызматкерлерине тезинен кайрылуу керектиги жөнүндө да эскертилди.

Ар бир класс жетекчи өтүлгөн сабактын иштелмелеринин бирденин ТИ боюнча директордун орун басарына өткөрсө,экинчилерин өзүлөрүнүн папкаларына салышты.

Окуучулар арасында "Коронавирус оорусунан сактанабыз!" аттуу сүрөт көргөзмөсү уюштурулду.

Эртең менен сабак башталганда дежур мугалим ар бир класска кирип, окуучулардын абалын текшерип турат.Эгерде окуучу өзүн жаман сезсе,температурасы көтөрүлсө, же оорунун кандайдыр бир белгилери байкалса,ошол замат класс жетекчилер тарабынан ФАПка алып барылып ,кароодон өткөрүлүп жатат.

**Индекс: 03-03 Жаратылыш менен бирге бололу**

**Планетанын озон катмары.**

Мектепте 1-11-класстарда Озон катмарын сактап калуу боюнча тарбиялык класстык сааттар өтүлдү. Озон катмары жөнүндө маалыматты класс жетекчилер интернет булактарынан алышты. Сабак өтүүдө озон катмары жөнүндө жазылган брошюркаларды, плакаттарды колдонушту. 9-10-11-класстар арасында "Озон катмарын сактайбыз"аттуу конкурс өтүлдү жана ал жерде окуучулардын кызыгуусун, талаш тартышты жаратты. Окуучулар бири-бири менен пикир алмашып, экологияны сактап калуу чоң проблема экенин түшүнүштү. Ошондой эле жаратылышка, экологияга түшүнүү менен мамиле кылуу керектигин билишти. Өтүлгөн иш-чаралар боюнча атайын папка түзүлүп, тарбиялык сааттардын иштелмелери салынды.

1-4-класстарда "Жаратылыш жан досум",5-9-класстарда Сен жана жаратылыш"9-11-класстарда "Жаратылышты коргойлучу,замандаш !деген темаларда тарбиялык сааттар өтүлдү.

**Март,май айларынын жума күндөрү мектеп боюнча ишембилик** өткөрүлүп, мектептин айлана чөйрөсү тазаланып,бактардын кураган бутактары алынып,арыктар тазаланды.Ишембиликке мугалимдер,окуучулар,тех персоналдар катышышты.Ар бир

ишембиликке чыгаарда окуучуларды коопсуздук эрежелери менен тааныштырып,коопсуздук журналына кол койдурулуп турду.

**Индекс: 03-04 Мектептеги майрамдык иш-чаралар**

**9-сентябрь "Комуз күнү"**

9-сентябрь "Комуз күнүнө" арналган тарбиялык сааттар 2-11-класстарда онлайн түрүндө өтүлдү.Класс жетекчилер "Комуз күнүнө "карата видео сабактарды даярдап,окуучулурга жиберип,алар менен кайтарым байланыш түзүштү.Видео сабакта комуздун тарыхы толук камтылган.Комуз күнүнө арналган тарбиялык саатты 1-класстын класс жетекчиси Мусаева Гүлмира окуучулары менен аңгемелешүү түрүндө өттү.Окуучуларга комуз жөнүндө кеңири түшүнүк берилди.

**Мугалимдер күнү**

Мугалимдер күнүнө карата окуучулар мугалимдерге каалоо тилектерин билдирген видеолорду тартып жөнөтүштү

**Баткен окуясы.**

Атайын мектептин буйругунун негизинде Баткен окуясын окуучуларга толук түшүндүрүү максатында мектепте "Баткен окуясы"деген темада мектеп боюнча түзүлгөн пландын негизинде төмөнкүдөй онлайн иш-чаралар өтүлдү:

"Баткен окуясы" күнүнө карата баардык класстарда тарбиялык сааттар онлайн өтүлдү.Тарбиялык сааттардын өтүлүшүндө класс жетекчилер окуучуларды эли жерин сүйүүгө,эли үчүн кызмат кылууга тарбиялоо максатында "Баткен окуясы" жөнүндө кеңири маалыматтарды видеого тартып окуучуларга жөнөтүштү.Анда Баткен окуясында курман болгондордун эрдиктери жөнүндө айтылып,Баткен окуясынын себеби түшүндүрүлдү.

Баткен окуясы боюнча өтүлгөн иш-чаралардын жыйынтыгы чыгарылып,атайын папка даярдалды жана РБББнө маалымат берилди.

**4-декабрь "Манас" күнү**

Ноябрь айында "Манасты кыргыз данктаган,Кыргызды Манас сактаган"деген темада мектеп аралык сүрөт тартуу,дил баян жазуу боюнча конкурс өтүлдү.Анда эң жакшы тарткан окуучулардын сүрөттөрү жана дил баяндары мектеп боюнча атайын уюштурулган бурчка коюлду.

4-декабрь "Манас" күнү деп белгиленгендигине байланыштуу ар бир класс атайын тарбиялык саттарды өтүп,дубал газета чыгарышты

**Жаңы жыл майрамын өткорүү.**

Мектепте жаңы жыл майрамын кырдаалга байланыштуу ар бир бала өз үйүндө өткорүшот

**Губернатордук ёлка.**

К.Маликов атындагы орто мектебинен губернатордук ёлкага мектепте жакшы окуган жартылай жетим 3-класстын окуучусу Рыскулова Нурзат (аз камсыздалган үй-бүлө), 1-класстын окуучусу Бектурова Азеля (соц.жетим), 1-класстын окуучусу:Чойбекова Айым (соц.жетим,атасы майып)сунушталды.Соц.абалына карап, жагымдуу маанай тартулоо максатында бул окуучулар тандалды

**Аким тарабынан уюштурулган балаты майрамы.**

Аким тарабынан уюштурулган балаты майрамына биздин мектептен 2-класстын окуучусу: Орунбеков Зулпар (соц.жетим), 3-класстын окуучусу :Эшенова Акак (Баткен окуясынын балдары),7-класстын окуучусу:Көчкөнбекова Айбийке (жакшы окуп,коомдук иштерге активдүү катышат) 5-класстын окуучусу Токтогулов Даниел (соц.жетим) , 6-

класстын окуучусу Залкарбекова Медина (жашоо шарты оор) жиберилди.Бул окуучулар соц. топтогу балдар.Бир аз болсо да балдарга жагымдуу маанай тартулоо максатында бул окуучулар тандалды

КРнын президенти тарабынан 2020-жылы **"Аймактарды онүктүрүү жана олкөнү санариптештирүү,балдарды коргоо жылы"** деп жарияланган .Бул жарлыкты ишке ашыруу максатында мугалимдерге түшүндүрүү иштери жүргүзүлүп,2020-жылдын аягына чейин окуучулар менен бирдикте иш жүргүзүп туруулары жөнүндө айтылды.Мугалимдер тарбиялык сааттарды өтүүдө аймактарды өнүктүрүү ,өлкөнү санариптештирүү,балдарды коргоо жылына карата төмөнкүдөй иш-чаралар аткарылды.

"Аймактарды өнүктүрүүгө мен кандай салым кошо алам" "Ааламга жол айылдан башталат","Балдар биздин келечегибиз","Зомбулуксуз жашоо"-деген темаларда тарбиялык сабактар өтүлдү.Ар бир баланын өздүк документери тактaлып,ИННи жок 32 балага ТИ б-ча мүдүрдүн орун басары мектептин мүдүрүнүн буйругунун негизинде декабрь,январь айынын ичинде ИНН алып берди. Туулгандыгы тууралуу күбөлүктөрү жок 4 баланын үчөөнө да соц.педагог,соц.кызматкердин тынымсыз жүргөзүлгөн иш аракетинин негизинде алынлы.Күбөлүк ала элек 4-класстын окуучусу Тынчылыков Аманбол.Бул окуучуга каникул убагында алып берем деп апасы макулдугун берди

**Советтик аскерлердин Афганистан Демократиялык Республикасынан чыгарылышынын** 31 жылдыгын майрамдоо боюнча иш-чаралардын аткарылышы:
Советтик аскерлердин Афганистандан чыгарылышынын 31 жылдыгына карата мектеп боюнча атайын план түзүлүп,ошол пландын негизинде төмөнкүдөй иш-чаралар аткарылды:

1-11-класстарда атайын тематикалык класстык саатар өтүлдү.Ар бир класс жетекчи окуучуларга "Ооган" согушу жөнүндө толук маалымат берди.Класстык сааттарды өтүүдө мугалимдер көрсөтмө куралдарды колдонушту.1-11- класстар дубал газеталарды чыгарышты.

14-февралда мектептин фаесинде салтанаттуу тизим өтүлдү.Тизимде биздин айылдан ооган жергесине барып,курман болгон Марс Мамбеталиевди эскерүү болду.Андан сырткары атуулдук милдетин ооган жергесинде өтөп,айылына аман-эсен келген Жонгучкаев Акылбек,Сыдыков Өмүрбек агалардын да эрдиктери айтылып,окуучулардын патриоттук сезимин ойготту.Салтанаттуу тизимдин аягында окуучулар тарабынан даярдалган концерттик программа көрсөтүлдү.Тизимди ТИ боюнча мүдүрдүн орун басары өттү.

Сүрөт сабагынын мугалими Молдокеева Элиза сүрөт көргөзмөсүн "эң мыкты" тарткан окуучулардын сүрөттөрү менен уюштурду.Ошондой эле Марс Мамбеталиев агабыздын өмүрүн баяндаган буклет жасалды.

**Ата-Мекенди коргоочулар күнү.**

**19-февралда Ата-Мекенди коргоочулар** күнүнө арналган салтанаттуу тизим өтүлдү.Тизим КРнын Гимни менен башталды.Тизимдин жүрүшүндө 23-февраль Ата-Мекенди коргоочулар күнүнүн тарыхы,ошондой эле ар бир кыргыз жигити эли жерин коргоого,эл жери үчүн өзүнүн салымын кошууга даяр болуу керектиги жөнүндө маалымат берилди.

23-февралга карата атайын бурч уюштурулуп,ар бир класс дубал газеталарды чыгарышты.
Сүрөт сабагынын мугалими сүрөт көргөзмөсүн уюштуруп,окуучулардын Ата-Мекенди коргоочулар күнүнө карата тартылган "эң мыкты" сүрөттөрү коюлду.

1-4-класстарда бул күнгө арналган тарбиялык сааттар аңгеме түрүндө өтүлдү.

Балдарды патриоттуулукка тарбиялоо максатында 18-февралда спорт ийриминин жетекчиси Сапарбеков Тилек 8-11-класстын балдарынын арасында волейбол боюнча таймаш өткөрдү.Жеңүүчүлөр грамота менен сыйланды.

**8-март "Аялдардын эл аралык күнү"**

8-март "Аялдардын эл аралык күнүнө" карата класстык сааттар өткөрүлүп,дубал газеталар чыгарылды.

5-мартта 9-10-11-класстын балдар, кыздарынын арасында жалпы апаларга,мугалим эжейлерге кыздарга,жалпы аял затына арналып "Кылым карыткан Сармерден" өткөрүлдү.Сармерденди музыка сабагынын мугалими Талгарбекова Асел даярдады. Бул жерде мугалим окуучулардын сахнада өзүн алып жүрүүсүнө,көрком окуусуна,артистик деңгээлине көп көңүл бурган.

**"Нооруз" майрамы.**

Быйыл "Нооруз" майрамы эпидемиологиялык абалга байланыштуу 1-11-класстарда тарбиялык саат түрүндө өтүлдү."Нооруз" майрамына карата ар бир класс кыргыздын каада-салт,үрп адаттарын көрсөтүштү. Окуучулар да "Нооруз" жөнүндө билгендерин айтып беришти.18-мартта мектептин фасеинде 9-класстын класс жетекчиси Чортонова Нурзат,4-класстын класс жетекчиси Карабаева Бурул тарабынан даярдалган "Кел, Ноорузум"аттуу чакан концерттик программа көрсөтүлдү Ага 3-4-9-класстын окуучулары катышты.Программага :каада салт,ыр,бий,макал-лакаптар,каалоо тилектер камтылган.Бул жерде санитардык абал толук сакталды.Майрам жөнүндө окуучулар жакшы билишет.Ар бир класс дубал газеталарды чыгарышты

**"Сары-Өзөн чолпондору-2021"**

"Сары-Өзөн чолпондору-2021"конкурсу эпидемологиялык абалга байланыштуу өтүлгөн жок.

**7-апрель "Элдик революция" күнү.**

"Элдик революция" күнүнө арналган эскерүү 6-апрелде мектептин фасеинде өтүлдү.Салтанаттуу тизим КРнын гимни менен башталып,бир мүнөттүк эскерүү болду.Анын жүрүшүндө "Элдик революциянын" болуу себептери жөнүндө жана бул күн тарыхта калып, ошондой эле ар бир кыргыз жигити үчүн сабак болору, ар бир эр жигиттин милдети-эли жерин коргоо, эл жери үчүн өзүнүн салымын кошуу керектиги боюнча мектептин директору жана директордун орун басары окуучуларга маалымат берди.Ар бир класстын класс жетекчиси 7-апрелге арналган тарбиялык сааттарды өтүштү. 5-апрелде 7-класстын класс жетекчиси Бейшеева Г"Баатырлар элдин эсинде"деген темада ачык тарбиялык саат өттү.Анда окуучулар өзүлөрүнүн түшүнүктөрүн, элдик революциянын болуу себептерин айтып беришти.7-апрелде курман болгондорду бир мүнөттүк эскерүү болду.

**Чернобль окуясы.**

1-11-класстын класс жетекчилери Чернобль окуясы жөнүндө тарбиялык сааттар өткөрүлдү.Чернобль окуясы жөнүндө окуучулар кеңири маалымат ала алышты жана бул жөнүндө өзүлөрүнүн ойлорун бири –бири менен бөлүшүштү.

**Жеңиш күнү**

УАМС жеңишинин 76- жылдыгын майрамдоодо мектеп боюнча атайын түзүлгөн пландын негизинде төмөнкүдөй иш-чаралар аткарылды:

"Улуу жеңиштин" 76 жылдыгына карата жүргүзүлүүчү иш-чара апрель айынан баштап 9-майга чейин улантылды.

Класс жетекчилер дил баян, эсселерди жаздырды.

Согуш жылдарындагы ырларды көркөм окуу конкурсу жарыяланып, ага 1-класстан 11-класска чейин окуучулар катышышты.

7-майда 4-ласстын класс жетекчиси Карабаева Б "Унутулбайт улуу Жеңиш",9-класстын класс жетекчиси Чортонова Н "Баатырдын даңкы өчпөйт" аттуу ачык тарбиялык саат өттү Анда окуучулар көркөм окуу жана обондуу ырларын ырдоо менен , согуш жөнүндөгү маалыматтарды айтып беришти.Айрым окуучулар өздөрүнүн чоң ата,таята,тылда иштеген чоң апалары жөнүндө да айтышып,алардын сүрөттөрү менен окуучуларды тааныштырышты.Класс жетекчилер Улуу Ата-Мекендик согуштун болуу себептери жөнүндө жана бул күн тарыхта калып, ошондой эле ар бир кыргыз жигити үчүн сабак болору, ар бир эр жигиттин милдети-эли жерин коргоо, эл жери үчүн өзүнүн салымын кошуу керектиги окуучуларга түшүндүрүлдү.

9-майга карата окуучулар арасында сүрөт конкурсу жарыяланып,эң жакшы тартылган сүрөттөрдөн атайын бурч уюштурулду.Ошондой эле ар бир класс дубал газеталарды чыгарышты.

**Энелер күнү.**

Мектепте энелер күнүнө карата 1-11-класста тарбиялык сааттар өтүлдү. Сабак өтүүдө класс жетекчилер эненин асылдыгын, улуугун, ыйыктыгын ачып көрсөтүү менен бирге, эненин эмгегин баалай билүүгө үйрөтүү максатындагы макал лакаптарды, ырларды, сүрөттөрдү колдонуп өтүштү 5-класстын класс жетекчиси Талгарбекова А"Эненин эмгекин актайлы",2-3-класстын класс жетекчиси Сыдыгалиева Г"Ааламдын көркү аял зат"аттуу. ачык тарбиялык саат өтүштү. Сабак өтүүдө окуучулардын апаларына арнаган сүрөттөрү, ырлары да камтылды.

**Акыркы конгуроо.**

К.Маликов атындагы орто мектебинде "Акыркы коңгуроо"салтанаты 2021-жылдын 25-майында онлайн түрүндө өтүлдү. Акыркы коңгуроо салтанатына 1-9-11-класстын окуучулары, мугалимдер жамааты, ата-энелер катышты. Мектеп директору акыркы конгуроо салтанаты шартка байланыштуу онлайн түрүндө өтүлүп жаткандыгына байланыштуу окуучуларды видео аркылуу куттуктап, 9-11-классты бүтүрүү боюнча буйрук менен тааныштырды. Директордун орун басарлары, класс жетекчилер да онлайн куттукташты. 1-9-11-класстын окуучулары мектепке, мугалимдерге, бүтүрүүчүлөргө арнаган ырларын, каалоолорун видео аркылуу билдиришти. Акыркы конгуроо салтанатына арналган видео тартылып,окуучулардын, ата-энелердин, окуучулардын группасына жөнөтүлдү жана РБББ нө маалымат берилди.

23-май күнү окуучуларды үйгө,тоого, кафелерге, эс алуучу жайларга барып өз алдынча эс алууга тыюу салынары жөнүндө буйрук менен дагы бир жолу тааныштырылып, балдардын өмүрү, коопсуздугун сактоо жоопкерчилиги ата-энелерге жүктөлүп, бул күнү мугалим, ИДН менен бирдикте окуучуларга көзөмөл кылынары жөнүндө эскертилип үйлөрүнө таратылган.25-май күнү эч кандай тартип бузуулар болгон жок.

25-майда телефон аркылуу маалыматты РБББ нө директордун орун басары ар бир эки саатта билдирип турду.

**1-июнь "Балдарды коргоо" күнү.**

1--июнь "Балдарды коргоо"күнү онлайн түрүндө өткөрүлдү. 25-майдан 1-июнь күнү окуучуларды онлайн түрүндө мектеп директору, директордун орун басары, класс жетекчилер жана ата-энелер куттукташты.

Мындан сырткары айылдык депутаттар тарабынан ар бир окуучунун үйүнө барып, суусундук жана бал муздак таратылды. Ошондой эле депутаттар тарабынан жетим,жартылай жетим,аз камсыздалган үй- бүлөдөгү 10 окуучуга белектер таратылды.

Окуучуларга майрам жана каникул күндөрүндө коопсуздук эрежелерин туура сактоо жөнүндө онлайн маалымат берилди. Ошондой эле ата-энелерге да группалар аркылуу түшүндүрүү иштери жүргүзүлүп, балдарынын коопсуздугуна көңүл буруулары жөнүндө эскертилди.

**Жалпы негизги билими тууралуу күбөлүк тапшыруу аземи.(9-кл)**

Жалпы негизги билими тууралуу күбөлүк тапшыруу санитардык-гигиеналык талаптарды сактоо менен 21-июнда,чакыртылып, тапшырылды. Күбөлүктөрүн тапшыргандан кийин КЭ менен окуучуларды тааныштырып, эч кандай эс алуучу жайларга барууга болбойт экендигин түшүндүрүп, окуучуларга кол койдурулуп, үйлөрүнө таратылды. Бул күнү эч кандай тартип бузуулар болгон жок.

**Аттестат тапшыруу аземи.(11-кл)**

11-класстын окуучуларына аттестатты тапшыруу үчүн мектептин фасси жасалгаланып,санитардык-гигиеналык талаптарды сактоо менен 24-июнда тапшырылды. Мектептин директору,директордун орун басары,класс жетекчи өзүлөрүнүнүн куттуктоолорун айтышып,окуучуларга "Ак жол" каалашты.Окуучулар да өзүлөрүнүн каалоо тилектерин айтып,билим берген эже-агайларына ыраазычылык билдиришти.Аттестатты тапшыргандан кийин КЭ менен окуучуларды тааныштырып, эч кандай эс алуучу жайларга барууга болбойт экендигин түшүндүрүп, окуучуларга кол койдурулуп, үйлөрүнө таратылды. Бул күнү эч кандай тартип бузуулар болгон жок.

## Индекс: 03-05 Менин мекеним –Кыргызстан

**1-сентябрь "Билим күнү"өткөрүү жөнүндө.**

1-сентябрь "Билим күнүнө" арналган салтанаттуу тизим 1-сентябрда мектептин фаесинде өтүлдү.Тизимге 1-класстын окуучулары,ата-энелер жана мугалимдер катышты.

Мектептин мүдүрү окуучуларды жаңы окуу жылы менен куттуктап,1-сентябрга карата мектеп боюнча чыккан буйрук менен тааныштырды. Тизимдин аягында 1-класстын окуучусу Чыңгызова Айчүрөк жана Куттубеков Умарга конгуроо кагуу аземи тапшырылды.Биринчи коңгуроонун кагылышы менен 1-класстын окуучулары класска кирип, "Сүйүктүү мекеним "деген темада ачык тарбиялык саат өтүлдү. Ошондой эле өзүн туура алып жүрүү,санитарлык-гигиналык талаптарды туура сактоо боюнча түшүндүрүү иштери жүргүзүлдү.2-11-класстарда "Билим күнүнө" арналган "Сүйүктүү мекеним" деген темадагы биринчи сабак онлайн түрүндө өтүлдү.Ар бир класс жетекчи тарабынан видео сабактар тартылды.

Мектепке келген окуучулардын жана онлайн кайтарым байланыш түзгөн окуучулардын саны такталып,ОТИ боюнча мүдүрдүн орун басарына өткөрүлдү.РБББнө маалымат берилди.

**"23-сентябрь Мамлекеттик тил" күнү**

11-сентябрдан 21-сентябрга чейин "23-сентябрь Мамлекеттик тил"күнүнө карата он күндүк жарияланып,план түзүлдү.Ошол пландын негизинде биздин мектептин окуучулары жана мугалимдери онлайн сабактарды өтүштү.Ошондой эле онлайын дилбаян,сүрөт конкурсу уюштурулду. 23-сентябрда 1-класстын окуучуларына жана конкурстан жеңген окуучулар үчүн "Мамлекеттик тил күнүнө арналган салтанаттуу тизим өткөрүлүп,жеңүүчүлөр мактоо баракчасы менен сыйланышты.Тизим өтүүдө коопсуздук эрежелер ,санитардык –гигиеналык абал толугу менен сакталды.Он күндүктүн жыйынтыгы чыгарылды жана РБББнө маалымат берилди.

**Кыргыз Республикасынын Эгемендүүлүгүнүн 29 жылдыгы.**

Кырдаалга байланыштуу КРнын эгемендүүлүгүнүн 29 жылдыгы онлайн түрүндө өтүлдү. Класс жетекчилер онлайн видео сабактарды тартып,окуучулар менен кайтарым байланыш түзүлдү. КРнын эгемендүүлүгүнүн 29 жылдыгы боюнча окуучулардын маалыматы бар

## Индекс: 03-06 Жашоонун сергек мүнөзү

Класс жетекчи,соц.педагог,ЖЖӨИИру окуучулар менен жашоонун сергек мүнөзү боюнча тарбиялык саат,аңгемелешүүлөрдү өтүп турду.ЖЖӨИИру ар бир бейшембиде келип:"Тамеки өмүргө зыян",аракечтик, наркоман,жаман адаттар,"Эрте кош бойлуулук,"Ала качуу" деген темаларда 1-11-класстарда лекцияларды өтүп турду.8-11-класстарда соц.педагог "Жаман адат-жан дүйнөнө бүлүк салат",9-класстын класс жетекчиси Чортонова Н " Ден –соолукта жашоонун сырын билиңиз",10-класстын класс жетекчиси Молдокеева Э"Жок –деп айтканга үйрөн!"-деген темаларда тарбиялык сааттар өтүлдү

**"Баңги заттарына каршы күрөшүүгө"** карата өткөрүлгөн иш-чара боюнча маалымат. К.Маликов атындагы билим берүү орто мектебинде атайын чыгарылган буйруктун негизинде "Баңги заттарына каршы күрөшүүгө" карата февраль айында төмөнкүдөй иш-чаралар аткарылды:

1-4-класстарда класстык сааттар аңгеме түрүндө өтүлүп,наркотикалык заттар жана алардын зыяндуулугу боюнча маалымат берилди.

5-10-класстарда атайын класстык сааттар өтүлүп, мугалимдер окуучуларга баңги заттары жөнүндө тартылган видеороликтерди көрсөтүп,көрсөтмө курал катары ар түрдүү сүрөттөрдү колдонушту.Ошондой эле окуучулар терең түшүнүшү үчүн айрым класстар чакан сценка да көрсөттү.

Ар бир класс жетекчи өтүлгөн сабактын иштелмелеринин бирденин ТИ боюнча директордун орун басарына өткөрсө,экинчилерин өзүлөрүнүн папкаларына салышты.

Окуучулар арасында "Биз баңги затына каршыбыз!" аттуу сүрөт көргөзмөсү уюштурулду.

Ар бир класс "Банги затына каршы күрөшүү"деген темада дубал газеталарды чыгарышты.

## Индекс: 03-07 Балдардын ден соолугуна кам көрүү (ККЭ,ӨК ,ЖЖЭ ж.б)

**Өзгөчө кырдаалдын алдын алуу боюнча кабыл алынган чаралар жөнүндө.**

К.Маликов атындагы орто мектебинде өзгөчө кырдаалдын алдын алуу үчүн кабыл алынган план боюнча иш-чаралар өткөрүлдү.1-11-класстарда "Өзгөчө кырдаал деген эмне","Жаратылыш кырсыктары","Жол кырсыктарынын алдын алуу","Өрт тилсиз жоо","Жарылуучу заттар"деген сыяктуу темаларда класстык сааттар өтүлдү. Окуучулар өтүлгөн сабакта алган билимдерин күнүмдүк жашоо тиричилигинде туура колдоно билүүгө үйрөнүшөт.

**Күзгү каникул.**

Күзгү каникул күндөрүн окуучулар туура өткөрүү жана каникул күндөрү коопсуздук эрежелерин туура сактоо максатында төмөнкүдөй иш-чара аткарылды:

-1-11-класстардагы окуучулар коопсуздук эрежелери менен онлайн тааныштырылды;

-Санитардык-гигиеналык абалды туура сактоо,үйдөн чыктоо,эл көп чогулган жерлерге барбоо жөнүндө телефон аркылуу эскертилди

**Кышкы каникул.**

Кышкы каникул убагында окуучулардын коопсуздугунун алдын алуу боюнча жүргүзүлгөн иш-чаралар:

Окуучулар каникулга кетээрдин алдында КЭ,ЖЖЭ менен тааныштырылып,кол койдурулду.Ошондой эле "Жарылуучу заттар"деген темада класстык сааттар өтүлүп,пиротехникалык каражаттарды туура колдонуу эрежелери жөнүндө окуучуларга маалымат берилди.

**Жазгы каникул.**

Окуучулар жазгы каникулга 20-мартта тарашты.Каникул күндөрү окуучулардын коопсуздугунун алдын алуу максатында окуучулар каникулга кетээрдин алдында КЭ,ЖЖЭ менен тааныштырылып,кол койдурулду.Ошондой эле окуучуларга түшүндүрүү иштери жүргүзүлүп,санитардык-гигиеналык абалды туура сактоо жөнүндө түшүндүрүү иштери жүргүзүлдү.Санитардык эрежелерин туура сактоо жүрүп жаткан оорунун таралышын жана жугузуп алуу коркунучун азайта тургандыгы айтылды.

**Жайкы каникул.**

Окуучулар жайкы каникулга 26-майда тарашты.Каникул күндөрү окуучулардын коопсуздугунун алдын алуу максатында окуучулар каникулга кетээрдин алдында КЭ,ЖЖЭ ,Сууга түшүү,ТЖК менен тааныштырылып,кол койдурулду.Ошондой эле окуучуларга түшүндүрүү иштери жүргүзүлүп,санитардык-гигиеналык абалды туура сактоо жөнүндө түшүндүрүү иштери жүргүзүлдү.Санитардык эрежелерин туура сактоо жүрүп жаткан оорунун таралышын жана жугузуп алуу коркунучун азайта тургандыгы айтылды.

## Индекс: 03-08 Кайрымдуулук "Алтын ачкыч" (Майыптар күнү,карылар күнү,тимурчулар командасы)

**Карылар күнү.**

Октябрь айында К.Маликов атындагы орто мектебинде окуучуларды улууларды урматтооого,кайрымдуулукка,маданияттуулукка тарбиялоо максатында "Ар үйдө ак сакалдуу кары болсун!" деген темада карылар күнүнө арналган тарбиялык онлайн видео сааттар өтүлдү.Жардамга муктаж болгон кары адамдарга жардам көрсөтүү максатында мектепте "Тимурчулар" тобу түзүлгөн. Ага 7-8-9-11-класстын окуучулары кирет.

| Класс | Кл.жетекчи | Бекитилген адам | Туулган жылы | Жашаган жери |
|---|---|---|---|---|
| 7 | Бейшеева Гүлзат | Мүсүрова Калдык | 1937 | Күренкеев 14 |
| 8 | Керимбаева А | Иманалиева Назгүл | 14.08.1972 | Марс 46 |
| 9 | Чортонова Н | Абдраимов Канат | 1963 | Марс н/ж |
| 10 | Молдокеева Э | Рысалиева Карагыз | 1942 | Марс |
| 11 | Керимбаева А | Абдраимова Суксур | 13.08.1938 | Марс 3 |

Ар бир бекитилген адамдарга "Тимурчулар"тобу майрам күндөрү барып куттуктап турушат.Бирок карантин болгонуна байланыштуу быйылкы карылар күнүндө окуучулар барып куттуктай алган жок.Кырдаалга жараша мезгил-мезгили менен барып,үйлөрүнүн тегерек четин тазалап,отун жарып,жардам көрсөтүшөт.Класс жетекчи тарабынан атайын дептер ачылып, "Тимурчулар"тобунун ар бир барып жардам көрсөткөн күндөрү жазылып турат.

**"Биз биргебиз"Эл аралык Майыптар күнү.**

"Эл аралык Майыптар күнүн жана кайрымдуулук айлыгын "өтүлүп,мүмкүнчүлүктөрү чектелген адамдарга колдоо көрсөтүү үчүн "Биз биргебиз"акциясын уюштуруп

материалдык,социалдык жардам көрсөтүү ар бир адамдын атуулдук милдети экендиги айтылды жана окуучуларды боорукерликке,кайрымдуулукка үйрөтүү максатында тарбиялык сааттар уюштурулду.
2-топтогу майып,жалгыз бой эне Иманалиева Назгүлгө кайрымдуулук акциясынан чогулган акчалай жана материалдык жардам көрсөтүлдү.Иманалиева Назгүлгө бир гана майыптар күнүндө эмес,мугалимдер жана окуучулар тарабынан дайыма жардам көрсөтүлүп турат.

Тимурчулар тобу болсо өзүлөрүнө бекитилген адамдарга барып жардам көрсөтүштү.

## Индекс: 03-09 Укуктук тарбиялоо

**Көңүл бургула!Баардык балдар билим алууга тийиш!**

-"Көңүл бургула, бардык балдар окууга тийиш!" райондук айлыгынын өткөрүлүшү.
К.Маликов атындагы орто мектебинде баардык окуучуларды мектепке тартуу максатында мектеп мугалимдери тарабынан август, каттоосу жүргүзүлдү.Каттоо жүргүзүүдө мугалимдер санитардык –гигиеналык абалды сактоо менен окуучуларды каттап чыгышты.

"Баардык балдыр билим алууга тийиш" аттуу рейддин жүрүшүндө, мектептин окуучуларынын саны такталды жана жыйынтыгында мектепке келбеген окуучулар жок экендиги аныкталды.
Ошондой эле соц.топко кирген балдар такталды. "Ар бир соц топтогу балдарга акт түзүлүп,атайын папка ачылып,соц топтогу бала жөнүндөгү толук маалыматтар салынды.

**Социалдык акыйкат күнүнө** арналган айлыктын өткөрүлүшү жөнүндө.
К.Маликов атындагы орто мектебинде социалдык акыйкат күнүнө карата төмөнкүдөй иш-чаралар аткарылды:Мектептеги окуучулардын баардык тиешелүү документтери текшерилип,иретке келтирилди.Мектепте туулгандыгы тууралуу күбөлүктөрү жок 4 окуучу бар.Алар 2-класстын окуучусу Тойчубекова Камила,3-класстын окуучусу Тынчылыков Марсел ,Маматазимова С 3-класстын окуучусу,Чоноева Анелян 4-класстын окуучусу.Бул окуучулардын ата-энелери менен түшүндүрүү иштери жүргүзүлдү жана түшүнүк каттар алынды.Тынчылыков Марселге мүмкүнчүлүгүнө жараша аларын билдирди.Тойчубекова КамиланынМаматазимова Раянанын Чоноева Анелиянын туулгандыгы тууралуу күбөлүгү алынды

**Терроризм жана диний экстремизм.**

2015-жылдын 14-сентябрындагы КР Терроризм жана диний экстремизмге каршы күрөшүү маселеси боюнча КР коргоо кеңешмесинин чечими,Ысык-Ата РБББнүн 2015-жылдын 12-октябрындагы №53 буйругун аткаруу максатында мектептин
12-октябрь 2015-жылы №46/1буйругу чыгарылган.Ал буйрукту 2020-2021-окуу жылында да улантып,төмөнкүдөй иш-чаралар аткарылды:Декабрь айында
-Диний экстремизмге каршы күрөшүү боюнча 1-4-класстарда аңгеме түрүндө өткөрүлдү.
- Диний экстремизмге каршы күрөшүү боюнча 5-11-класстарда атайын тарбиялык сааттар өтүлдү.Сабак өтүүдө мугалимдер интернеттердеги ар түрдүү видиороликтерди ,цитаталарды колдонуу менен окуучуларга жеткиликтүү түшүндүрө алды. 11-класстын класс жетекчиси Керимбаева Айжан "Кыргызстандагы эл аралык терроризм коркунучтуу"деген темада ачык сабак өтсө,9-класстын класс жетекчиси:Чортонова Нурзат

"Диний экстремизм" деген темада тегерек стол өттү.Сабак өтүүдө мугалимдер интерактивдүү ыкмаларды колдонуу менен окуучулардын толук түшүнүүсүнө оболго түзүлдү.Өтүлгөн сабактар максатына жетти.Жалпысынан мектеп окуучуларынын Диний эктремизм жана терроризм жөнүндө түшүнүктөрү бар.

**Индекс: 03-10 Мектептин уставы**

Мектепте мектептин уставы,печаты,штампы быйылкы окуу жылында жаңыланып алынды.Мугалимдер устав менен таанышкан.Уставда мекеменин иш-тартиби,ишмердүүлүгү көрсөтүлүп,негизги документ болуп эсептелет.

**Индекс: 03-11 Класс жетекчилер усулдук бирикмеси**

К.Маликов атындагы жалпы билим берүү орто мектебинде класс жетекчилер усулдук бирикмеси түзүлгөн эмес.Класс жетекчилер бир жылга жана айларга бөлүнүп атайын түзүлгөн пландын негизинде тарбиялык иштерди алып барышат.Ар бир аткарылган иштин иштелмелеринин бирденин өзүлөрүнүн пакаларына салышат,ал эми экинчисин тарбия иштери боюнча директордун орун басарына өткөрүшөт.Мектепте ар бир даталуу күнгө карата өтүлгөн иш чара үчүн папка уюштурулган.Ал папкада өтүлгөн иш-чаранын иштелмелери салынат.

**Индекс: 03-12 Мектептин өзүн өзү башкаруу уюму**

Мектепте өзүн-өзү башкаруу уюму түзүлгөн.Ага 1-11-класстын окуучулары камтылган жана үч топко бөлүнгөн:

1.Сейтек уюмуна 1-4-класстын окуучулары;

2."Семетей "уюмуна 5-8-класстын окуучулары;

3."Манас"уюму 9-11-класстын окуучулары кирген.

Мектеп парламенти төмөнкүдөй курамдан түзүлгөн:

| № | Окуучунун аты,жөнү | Классы | Аткарган кызматы | Телефон № |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Турогельдиева Марина | 10 | Мектеп президенти | 0709980329 |
| 2 | Сатиева Айсулуу | 10 | премьер | 0504454593 |
| 3 | Эркинова Нестан | 10 | Окуу сектор | 0502010836 |
| 4 | Анарбек к.Айдай | 9 | Тазалык сектор | 0709606404 |
| 5 | Каныбекова Алтынай | 9 | Маданий сектор | 0700326638 |
| 6 | Шайбеков Элхан | 9 | Спот сектор | 0709239184 |
| 7 | Джапаров Асылбек | 9 | Эколог | 0551801501 |
| 8 | Эркинова Нестан | 9 | Басма сөз кызматы | 0700911674 |

Бул окуучулар өзүнүн ишин жакшы билишет.Ар бир дүйшөмбүдө парламент мүчөлөрү рейд жүргүзүп,окуучулардын санитардык абалын,окуу куралдарын,формасын текшерип турат.Ошондой эле дептер ачып, аткарылган иштер боюнча жазып турушат.Мындан сырткары мугалимдер күнүнө,карылар күнүнө,жаңы жылдык майрамга ,8-мартка карата өзүн –өзү башкаруу уюму жана класс жетекчилер менен бирдикте майрам уюштуруп,концерттик программасын тартуулашат.Окуучуларды укуктун жактан тарбиялоодо да мектеп парламентинин милдети,аткарган кызматы чоң.Анткени окуучулар арасындагы анча-мынча талаш-тартыш,тил келишпөөчүлүктөрдүн жеңил чечлишине чоң салымдарын кошуп турушат.Себеби мугалимдерге караганда балдар-балдар менен бат тил табышып сүйлөшө алышат жана көзөмөл кылып турушат.

Кайрымдуулук акциясын уюштуруп,гуманитардык жардам чогултуда, ишембилик өткөрүүдө,окуучулардын коопсуздугун көзөмөлдөөдө,мугалимге жардам көрсөтүп өзүлөрүн жоопкерчиликтүү сезишет.

## Индекс: 03-13 Ата-энелер жана коомчулук менен иш алып баруу

К.Маликов атындагы орто мектеби ата-энелер менен ар дайым байланыш түзүп турат.Балдардын окуусу гана эмес,мектептин ар кандай көйгөйлөрүн чечүүдө да ата-энелер өзүлөрүнүн көмөктөрүн көрсөтүп жардам берип турушат.Ата-энелер менен бирдикте ар кандай иш-чаралар,семинар,жолугушуулар өткөрүлүлдү.1-11-класстарда ар бир чейрек сайын ата-эне чогулушу болуп,ар түрдүү маселелерди чечип,балдарынын тартиби,тазалыгы,окуусу,сабакка келүүсү боюнча түшүндүрүү иштери болуп турду.Ата-энелердин кошумча жардамы менен 1-4-класстарда ысык тамак уюштурулуп,балдар бир маал ысык тамак ичип турушту.Ошондой эле ата-энелердин сунушу жана колдоосу менен класс ичин ремонтоо ата –энелердин жардамы менен жүргүзүлдү.

ТИ боюнча директордун орун басары: Шабданбекова В.Ч.

Директор: Бейшеналиева Ч.А.

№ 19
13. 01 2022

**К.Маликов атындагы жалпы билим берүү орто мектебинин**
**2021-2022-окуу жылындагы тарбия иштеринин**
**биринчи жарым жылдык анализи.**

# К.Маликов атындагы жалпы билим берүү орто мектебинин 2021-2022-окуу жылындагы тарбия иштеринин биринчи жарым жылдык анализи.

**Тарбия ишиндеги негизги багыт:**

Билим берүү процесси менен бирге балдарды толлеранттуулукка , улуттук баалуулуктарды сактоого жана аяр мамиле жасоого патриоттуулукка тарбиялоо

**Тарбия ишинин максаты:**

Инсанды жана атуулду учурду баалоого,откондү сыйлоого,келечекке ишенүүгоадеп ахлактык,мекенчилдик жана теллеранттуулуктун негизинде тарбиялоо

## Тарбия иштеринин уюштуруучулары;

1.Тарбия иштери боюнча директордун орун басары

2.Класс жетекчилердин саны:1-4-класс 5мугалим ; 5-9-класс 4 мугалим ; 10-11-класс 2 мугалим

## Тарбия иштери боюнча жалпы билим берүүдөгү сайтты колдонуу:

К.Маликов атындагы билим берүү орто мектебинин сайты ачылган.Сайтка:

-Мугалимдердин тизмеси;

-Окуучулардын тизмеси;

-ИСО 98 %

Мектепте интернет жок болгондугуна байланыштуу башка материалдар киргизилген эмес

**2021-2022-окуу жылындагы класс жетекчилер усулдук бирикмесинин иши**

1. **Класс жетекчилер усулдук бирикмесинин темасы:**
   "Максат жана максатка умтулуучулук"

**Максаты:**

-Ар тараптан өнүккөн чыгармачыл,активдүү мугалим болууга умтулуу;

-Балдарды тарбиялоодо мугалимдик сапатты,касиетти жогору коюу,ар бир окуучуга түшүнүү менен мамиле кылуу;

-Жаш мугалимдерге усулдук жардам көрсөтүү, ишмердүүлүгүн арттыруу менен жоопкерчиликтүүлүгүн жогорулатуу.

2. **Негизги маселелер-**
   -Бардык окуучулардын эркин ой жүгүртүүсүнө шарт түзүү;
   -Жамааттын ар бир мүчөсүнүн өзүн-өзү таанытуусуна жана өздүк мамилесине жараша жагымдуу шарт түзүү;
   -Жаңы билимди алууга колдоо көрсөтүү;
   -Ата журттун рухий жана маданий баалуулуктарын окуучуларга тааныштыруу
3. **Негизги багыты:**
   -Үй-бүлө жөнүндө маалымат;
   -Мекенчилдик жана атуулдук тарбия;
   -Эмгек тарбиясы;

-Акыл тарбиясы;

-Эстетикалык тарбия;

-Укуктук тиарбия.

4. **Негизги иш-аракеттин формалары:**отурум,тегерек стол,тажрыйба алмашуу,
5. **Класс жетекчилер усулдук бирикмесинин отурумунун саны:** 3
6. **Класс жетекчилер усулдук бирикмесинин отурумунун темалары:**

А) Бардык балдар билим алууга тийиш;

Б) Класс турмушу окуучулардын көзү менен

В) Бул бизди чочутат дешет ата-энелер...

7. **Класс жетекчилер ишинин эффективдүүлүгү тарбия иштери боюнча директордун орун басары тарабынан төмөнкү формада көзөмөл кылынат:**

К.Маликов атындагы жалпы билим берүү орто мектебинде класс жетекчилер усулдук бирикмеси түзүлгөн .Класс жетекчилер бир жылга жана айларга бөлүнүп атайын түзүлгөн пландын негизинде тарбиялык иштерди алып барышат.Ар бир аткарылган иштин иштелмелеринин бирденин өзүлөрүнүн папкаларына салышат,ал эми экинчисин тарбия иштери боюнча директордун орун басарына өткөрүшөт.Мектепте ар бир даталуу күнгө карата өтүлгөн иш-чара үчүн папка уюштурулган.Ал папкада өтүлгөн иш-чаранын иштелмелери салынат.

## Тарбия иштери боюнча директордун орун басары тарабынан ийрим ишине көзөмөл:

Мектепте "Спорт" ийрими түзүлгөн.Спорт ийримин дене тарбия мугалими Сапарбеков Тилек жетектейт.Эмгек стажы 4 жыл.Ийрим өтүү боюнча атайын планы бар.Ошол пландын негизинде ийрим иштери өтүлөт.Ийримдин өтүү жүгүртмөсү түзүлгөн,убактысы белгиленген.Ийримге катышкан балдар үчүн атайын журнал ачылган.Ийримге келген балдар өз убагында эсепке алынып,кайсы күнү,саат канчада өтүлгөндүгү тактальп турат.

**Секция,ийрим иштерине катышкан балдардын саны:**

| Ийрим | Предметтик | Техникалык | Спорттук |
|---|---|---|---|
| Ийримдин саны | - | - | 1 |
| Ийримге катышкан окуучулардын саны | - | - | 31 |

Спорт боюнча мектепте "Спорт" ийрими иштейт. "Спорт"ийримине 31 окуучу катышат.Окуучулар бош убактыларын волейбол,футбол ойноо менен өткөрүшөт. Ийримди дене тарбия мугалими:Сапарбеков Тилек жетектейт.Окуучулар спорттун үч түрүн "валейболду" жана "футболду",жеңил атлетиканы тандашкан.Окуучулар футбол,валейбол,жеңил атлетика боюнча өтүлгөн мектеп аралык,айылдар аралык,райондук таймаштарга катышып турат.1-сентябрдан 30-декабрга чейин мектеп окуучулары окуучулар арасында футбол боюнча өтүлгөн таймаштарга катышып турушту.Таймаш мектепте жаңы ачылган кичи фудбол талаасында өтүлүп жатты.

## Окуучуларды тарбиялоодо китепканачынын аткарган кызматы

Окуу жылында китепкана балдарды тарбиялоодо чоң ролду алып барат.Анткени китепканачы окуу,конференциялар тегерек столдорду өтүүдө, ар кандай даталарды белгилөөдө керектүү материалдар менен камсыз кылып турат. Балдардын ден соолугун чыңдоодо да ролу чоң.Анткени ден соолук бурч уюштурулуп,брощюра,буклеттерди балдарга маалымат катары стендге тагылат .

Ошондой эле түзүлгөн план боюнча төмөнкү иш чаралар аткарылды:

Август айында мектеп китепканасындагы окуу жана адабий китептер ,брошюралар такталып,регистрация болду.

Сентябрь айында 1-11-класстын окуучуларын мектептин китепканасындагы китептер менен 83% камсыз болду.Ата-энелер тарабынан китеп менен 5% сатылып берилди

-Окуу куралдарынын сакталышына рейд китепканачы тарабынан жүргүзүлгөн жок.

-Сентябрь айында "Мамлекеттик тил күнүнө" карата китепканачы тарабынан класс жетекчилер жана окуучулар үчүн материалдар даярдалып берилди.

-Октябр айында 1-класска келген окуучуларга мектептин китепканасындагы адабий сүрөттүү жомок китептер менен тааныштырылды.

- Октябрь айында К.Тыныстановдун 120 жылдыгына карата 9-10-11-класстардын окуучуларына жат жазуу,дил баян,реферат,эссе жаздырылды.

-Ноябрь айында мектеп ичинде өтүлө турган олимпиядалык иштерге даярдануу үчүн китепканачы тарабынан окуучулар кошумча материалдар менен камсыз кылынды.

-Ноябрь айында "Мектепте тамеки тартууга болбойт" деген белгилер мектептин кире беришинде,ички,сырткы даараткканада,фаеде ,усулдук болмодо тагылган.

-Декабрь айында "СПИД-коркунучтуу дарт" деген темада ден-соолук бурчу уюштурулган.

## Индекс:03-02 "Дени сак улут"

**1-декабрь "ВИЧ,СПИДге каршы күрөшүү"күнү**

**"ВИЧ,СПИДге каршы күрөшүү" боюнча** Ысык-Ата районунун БББнүн 16-ноябрь 2020-жылындагы №31 буйругунун негизинде мектеп боюнча атайын буйрук чыгарылып,ал буйруктун негизинде план түзүлүп, төмөнкүдөй иш-чаралар өтүлдү:

**"ВИЧ,СПИДге каршы күрөшүү"** күнүнө карата баардык класстарда атайын тарбиялык сааттар өтүлдү.Анын ичинен 1-4-класстарда сабак аңгеме түрүндө өтүлдү.Тарбиялык сааттардын өтүлүшүндө класс жетекчилер жугуштуу оорулар,анын ичинде **ВИЧ,СПИД** боюнча кеңири маалыматтарды беришти. **"ВИЧ,СПИДге каршы күрөшүү"**боюнча 4-класстын мугалими Сыдыгалиева Г 25-ноябрда"Биз СПИДге каршыбыз",6-класстын класс жетекчиси:Талгарбекова 30-ноябрда"СПИД коркунучтуу дарт" ,11-класстын класс жетекчиси Молдокеева Э 1-декабрда АВИЧ,СПИД 21-кылымдын эпидемиясы",9-класстын класс жетекчиси Керимбаева А1-декабрда"СПИД айыккыс илдет"деген темада ачык класстык саат өтүштү. Сабак көрсөтмөлүү,окуучуларга жеткиликтүү болуп өтүлдү.

Мектепте сүрөт конкурсу болуп,окуучулар сүрөт,стенгазета тартышты.Окуучулардын мыкты тарткан сүрөттөрүнөн атайын бурч уюштурулду.

Мектепте ден соолук бурчу уюштурулуп,ал жерге агитациялык брошюралар,сүрөттөр жана буклеттер коюлду.

Мектеп окуучуларынын ВИЧ,СПИД боюнча түшүнүктөрү жакшы жана бул оорудан сактана билүүнүн жолдорун билишет.

Декабрь айы **"Жугуштуу эмес оорулар"**("Тамеки жана алкоголдук ичимдиктерге каршы күрөшүүгө")

14-декабрда мектепте класс жетекчилерге **"Тамеки жана алкоголдук ичимдиктерге каршы күрөшүүгө"** карата ар бир класска тарбиялык сааттарды өтү боюнча маалымат берилди жана Швейцария Өкмөтү тарабынан каржыланып чыгарылган "Жугуштуу эмес оорулар" деген темада даярдалган папка,видео,көрсөтмө куралдарды колдонуу менен өтүү сунушталды.Адегенде ҮБДТнун окулу 20-декабрда "Жугуштуу эмес оорулар"жөнүндө класс жетекчилер менен сабак өтүп ,түшүндүрүү иштерин жүргүздү.Ошондой эле

окуучуларга "Тамеки жана алкогол" жөнүндө кандай жол менен окуучуларга жеткиликтүү түшүндүрсө боло тургандыгын үйрөттү.

Ошонун негизинде **"Тамеки жана алкоголдук ичимдиктерге каршы күрөшүүгө"** карата баардык класстарда атайын тарбиялык сааттар өтүлдү.Анын ичинен 1-5-класстарда сабак аңгеме түрүндө өтүлдү.Тарбиялык сааттардын өтүлүшүндө класс жетекчилер "Жугуштуу эмес оорулар" бирок адам өзүнүн туура эмес иш- аракетинен ар түрдүү оорулар,анын ичинде онкологиялык оорулардын,өпкө ооруларынын пайда болуу коркунучу тууралуу  маалымат берип видеороликтерди көрсөтүштү жана кеңири маалыматтарды беришти.

**6-11-класстарда сабак төрт этапта өттү:**

1) Физикалык активдүүлүктүн пайдасы
2) Тамеки тартуунун организмге тийгизген таасири
3) Алкоголдун организмге тийгизген таасири
4) Жашылча жана жемиштердин пайдасы.

- 6-класска класс жетекчи Талгарбекова Асел 27-29-декабрда,
- 7-класска класс жетекчи Мамбеталиева Саадат 20-23-декабрда,
- 8-класска класс жетекчи Бейшеева Гүлзат 20-24-декабрда,
- 9-класска класс жетекчи Керимбаева Айжан 23-27-декабра,
- 10-11-класска класс жетекчи Молдокеева Элиза 22-23-декабрда жогорудагы төрт тема боюнча тарбиялык сааттарды өтүштү.Сабак өтүүдө класс жетекчилер багыт берип , окуучулар өз алдынча топтордо  даяр көрсөтмө куралдардын негизинде түшүнүктөрүн ачып бере алышты.Сабактын аягында окуучулар бири –бирине суроо берүү менен өтүлгөн темадан жыйынтык чыгарышты жана зыяндуу жактарын билишти.

Мектепте  сүрөт конкурсу болуп,окуучулар сүрөт,стенгазета тартышты.Окуучулардын мыкты тарткан сүрөттөрүнөн атайын бурч уюштурулду.

Мектепте ден соолук бурчу уюштурулуп,ал жерге агитациялык брошюралар,сүрөттөр коюлду.

Мектеп окуучуларынын  Тамеки жана алкоголдук ичимдиктер боюнча түшүнүктөрү жакшы жана бул оорудан сактана билүүнүн жолдорун билишет.

**"Мектепте тамеки тартууга болбойт"** деген белгилер мектептин кире беришинде,ички,сырткы дааратканада,фаеде ,усулдук болмодо тагылган.

**Индекс: 03-03  Жаратылыш менен бирге болол**у

**Планетанын  озон катмары.**

Мектепте 1-11-класстарда Озон катмарын сактап калуу боюнча  тарбиялык  класстык сааттар өтүлдү. Озон катмары жөнүндө маалыматты класс жетекчилер интернет булактарынан алышты. Сабак өтүүдө озон катмары жөнүндө жазылган брошюркаларды, плакаттарды колдонушту.  9-10-11-класстар арасында "Озон катмарын сактайбыз"аттуу конкурс өтүлдү жана ал жерде окуучулардын кызыгуусун, талаш тартышты жаратты. Окуучулар бири-бири менен пикир алмашып, экологияны сактап калуу чоң проблема экенин түшүнүштү. Ошондой эле жаратылышка, экологияга түшүнүү менен мамиле кылуу керектигин билишти. Өтүлгөн иш-чаралар боюнча атайын папка түзүлүп, тарбиялык сааттардын иштелмелери салынды.

1-4-класстарда "Жаратылыш жан досум",5-9-класстарда Сен жана жаратылыш"9-11-класстарда "Жаратылышты коргойлучу,замандаш !деген темаларда тарбиялык сааттар өтүлдү.

**Сентябрь,октябрь,ноябрь айларынын жума күндөрү мектеп боюнча ишембилик** өткөрүлүп, мектептин айлана чөйрөсү тазаланып,түшкөн жалбырактар алынып турду.Ишембиликке мугалимдер,тех персоналдар активдуу катышышты.

Ал эми мектеп окуучулары өзүлөрүнүн классындагы гүлдөргө суу куюп,ал гүлдөр үчүн кам көрүп турушат.

**Индекс: 03-04 Мектептеги майрамдык иш-чаралар**

**Мугалимдер күнү**

Мектеп боюнча атайын түзүлгөн пландын негизинде төмөнкүдөй иш-чаралар өтүлдү:

1-11-класстарда "Мугалимдер күнүнө" арналган тарбиялык сааттар өтүлүп,мугалимдин эмгеги,баскан жолу жөнүндө айтылып,алардын эмгеги биз үчүн баа жеткис байлык экендиги түшүндүрүлдү.

5-октябрда "Өзүн-өзү башкаруу уюму"мугалимдерге арналган чакан концерттик программасын тартуулашты.Ошондой эле мугалимдерге арнап өз колдору менен жасаган белектерин тартуулашты.Ага 2-11-класстын тандалган окуучулары катышты.Даярдалган иш-чаранын планы алдын ала бекитилип , мектеп боюнча түзүлгөн "Өзүн-өзү башкаруу уюмунун" папкасына салынды.

Ар бир класс "Мугалимдер күнүнө" арналган дубал газеталарды чыгарышты.Ошондой эле сүрөт сабагынын мугалими сүрөт көргөзмөсүн уюштурду.

Мектепте өзүн көрсөтүп,жакшы иштеген информатика сабагынын мугалими Молдокеева Элизага,кыргыз тили сабагынын мугалими Керимбаева Ажанга а/өтү тарабынан кызыктыруучу белек берилди

Окуучулардын мугалимдин эмгегин баалап,аларга урмат сый көрсөтүү ар бир баланын атуулдук милдети экендиги жөнүндө маалыматы бар.

**Баткен окуясы.**

Ысык-Ата РБББнүн 18-октябрындагы №56/1 буйругунун негизинде окуучулардын патриоттук мекенчилдик тарбиясын тереңдетүү максатында мектептин буйрук №40/1 негизинде "Баткен окуясы"деген темада мектеп боюнча план түзүлүп,ал пландын негизинде төмөнкүдөй иш-чаралар өтүлдү:

"Баткен окуясы" күнүнө карата 1-4-класстарда тарбиялык сааттар аңгеме түрүндө өтүлүп,класс жетекчилер окуучуларга жөнөкөй тил менен түшүндүрүп айтып беришти.

5-8-класстарда тарбиялык сааттардын өтүлүшүндө класс жетекчилер окуучуларды эли жерин сүйүүгө,эли үчүн кызмат кылууга тарбиялоо максатында "Баткен окуясы" жөнүндө кеңири маалыматтарды беришти.Баткен окуясында курман болгондордун эрдиктери жөнүндө айтылып,Баткен окуясынын себеби түшүндүрүлдү.Сабак өтүүдө көптөгөн сүрөттөр колдонулду.

9-класста ачык сабак болуп,мугалим Керимбаева А окуучулар менен Баткен окуясы жөнүндө талкуу жасады.Окуучулар өз ойлорун ачык айтып бере алышты жана бул окуя качан жана эмне себептен болгонун окуучулар билишет экен.

10-11-класстарда "Эр жигит ,эл четинде" деген темада тегерек стол өтүлдү.Бул жерде Баткенде болгон окуялардан үзүндүлөр көрсөтүлүп,окуучулардын арасында кеңири талкуу болду.Окуучулардын Баткен окуясы жөнүндө түшүнүктөрү кенен экендиги балдардын жооп бергендеринен көрө алдым.Тегерек столду Молдекеева Э өттү.

"Баткен окуясы" күнүнө арналган салтанаттуу тизим 26-октябрда өтүлдү.Тизим КРнын Гимни менен башталды.Тизимдин жүрүшүндө "Баткен окуясынын" болуу себептери жөнүндө жана бул күн тарыхта калып,ошондой эле ар бир кыргыз жигити үчүн сабак болору,ар бир эр жигиттин милдети-эли жерин коргоо,эл жери үчүн өзүнүн салымын кошуу керектиги баса белгиленди. Айылдан Баткен окуясы болуп жатканда ошол жакка

барып,өзүнүн атуулдук милдетин аткарып келген 1974-жылы Тоң районунун Темир-Канат айылында туулуп азыр Чоң-Талы айылында туруктуу жашап жаткан Эшенов Нурмат чакырылды.Ал Баткенге барганда болгон окуялар жөнүндө айтып берүү менен окуучуларга эл жери үчүн кызмат кылуу баа жеткис байлык экендигин баса көрсөтө кетти.Эшенов Нурматтын айткан сөздөрү окуучулардын,айрыкча эркек балдардын Ата Мекенге болгон сүйүүсүн дагы бир жолу ойгото алды.

Кыргыз тили мугалими Керимбаева Айжан "Баатырлар унутулбайт"деген темада дил баян жазуу боюнча конкурс өткөрсө,орус тили сабагынын мугалими Бейшеева Гүлзат "Солдат войны не выбирает"деген темада сочинениелерди жаздырды.

Баткен окуясына карата атайын бурч уюштурулуп,ар бир класс дубал газеталарды чыгарышты. Ошондой эле сүрөт көргөзмөсү уюштурулду.Аны сүрөт сабагынын мугалими Талгарбекова Асел уюштурду.

**"Ак илбирсти коргоо"күнү**

Ысык-Ата РБББнүн .9-февраль 2017-жылы чыгарылган "Ак илбирсти коргоо" боюнча буйругунун негизинде К.Маликов атындагы жалпы билим берүү орто мектебинде "Ак илбирсти коргоо" күнүн белгилөө үчүн атайын план түзүлүп,ошол пландын негизинде төмөнкүдөй иш-чаралар жүргүзүлдү:

1.1-4-класста тарбиялык саат аңгеме түрүндө өтүлдү.Мугалим жөнөкөй тил менен окуучуларга Ак илбирс жөнүндө маалымат берди.Сейрек кездешүүчү Ак илбирс сыяктуу жаныбарлар бар жана аларды коргоп,санын көбөйтүү керектигин айтып берди.Ошондой эле окуучуларга жаратылышты коргоо ар бир атуулдун милдети экендигин түшүндүрдү.

2. 5-11-класстардын класс жетекчилери тарбиялык сааттарды өтүштү.Анда ак илбирс жөнүндө видеороликтер көрсөтүлүп,сабакты көрсөтмөлүү өтүлдү.

Андан сырткары10-класстын класс жетекчиси Молдокеева Элиза "Ак илбирсти коргойлу" деген темада ачык сабак өттү.Сабак көрсөтмөлүү болуп,ак илбирс боюнча тартылган видео көрсөтүлдү.Окуучулар активдүү катышып,талкуу болду. 6-класстын класс жетекчиси Талгарбекова Асел"Ак карлуу тоонун ак илбирси" деген темада ачык сабак өттү.Ак илбирс жөнүндө маалымат берилип,окуучулар жандуу катышып,талкуулашты.Окуучулар өздөрү тарткан сүрөттөрдү чечмелеп беришти.

Жалпы мектеп окуучуларынын кызыл китепке киргизилген жаныбарларды,анын ичинен Ак илбирсти коргоо жөнүндө түшүнүктөрү жакшы.Ошондой эле жаратылышка аяр мамиле жасап,табигатты коргой биле алышат.

3.Окуучулар арасында сүрөт конкурсу уюштурулду.Жеңүүчүлөр аныкталып,жеңген окуучулар мактоо баракчасы менен сыйланышты.

Ноябрь .**"Тарых жана ата бабаларды эскерүү күнү"**

**"Тарых жана ата бабаларды эскерүү күнүн"** белгилөө үчүн атайын план түзүлүп,ошол пландын негизинде төмөнкүдөй иш-чаралар жүргүзүлдү:

1.1-4-класста 2021-жылдын 1-5-ноябрында тарбиялык саат аңгеме түрүндө өтүлдү.Класс жетекчилер жөнөкөй тил менен окуучуларга кыргыз элинин тарыхы жана ата-бабалардын баскан жолу жөнүндө маалымат берди.Ар бир кыргыз ата уулу өзүнүн тарыхын билүү атуулдук милдет экендигин билүү керектигин түшүндүрдү.Кыргыз элинин тарыхы жөнүндө сүрөттөрдү окуучуларга көрсөтүү менен жеткиликтүү болду

2. 5-11-класстардын класс жетекчилери 1-6-ноябрда "Тарыхы болбой,эл болбойт"деген темада тарбиялык сааттарды өтүштү.Анда Тарых жана ата бабаларды эскерүү жөнүндө көптөгөн көрсөтмө куралдарды колдонуу менен өтүлдү.Негизинен окуучулар өз элинин тарыхы жөнүндө маалыматтары бар.Эртеңки күнү элибиздин,жерибиздин өсүп өнүгүшүнө өз салымдарын кошо алышат.

3. 8-класстын класс жетекчиси Бейшеева Гүлзат "Тарыхты эскерүү"деген темада ачык сабак өттү.Сабакка Үч мугалим катышты.Сабак көрсөтмөлүү,интерактивдүү методдорду колдонуу менен өтүлдү."Мекенди коргоо","Мекенге кызмат" деген темада кластер түзүлдү.Окуучулардын көркөм окуусу болду.Кыргыз элинин тарыхын камтыган доклад окулду.Макал-лакаптар чечмеленди.Сабак окуучуларга жеткиликтүү,кызыктуу өтүлдү.

4. Окуучулар арасында сүрөт тартуу боюнча конкурс уюштурулду. Окуучулар сүрөт тартуу менен өз элинин тарыхы боюнча өз ойлорун кенен ачып бере алышты.Эң жакшы тарткан окуучулардын сүрөттөрүнөн "Тарых жана мен" деген темада бурч уюштурулду.

Тарых сабагынын мугалими Тентимишева Гүлмира "Өткөн күндөр даңкталмайын,бүгүнкү күн баркталбайт"деген темада дубал газета чыгарды.

**4-декабрь "Манас" күнү**

4-декабрь "Манас" күнүнө карата мектепте атайын план түзүлүп,ошол пландын негизинде төмөнкүдөй иш-чаралар өтүлдү:

22-ноябрдан баштап 4-декабрга чейин 1-4-класстарда тарбиялык саат аңгеме түрүндө өтүлдү.Ал эми 5-6-8-9-11-класстарда тарбиялык сааттар өтүлдү.Тарбиялык саатта окуучулар Манастан үзүндүлөрдү айтышты.Класс жетекчилер Манас эпосунун келип чыгуу тарыхы боюнча толук маалымат беришти.

Ачык тарбиялык сабак 9-класстын класс жетекчиси Керимбаева А. 3-декабрда"Манас кыргыз рухунун туу чокусу"деген темада,6-класстын класс жетекчиси Талгарбекова А "Манастын кыргыз элине калтырган изи"деген темада ачык сабактарды өтүштү.Окуучулар Манас эпосунан үзүндүлөрдү айтып,макал-лакаптарды талдашты.Манас эпосунун тарыхы боюнча кластер түзүштү.Сыр сандыкка катылган суроолорго жооп берүү,Манаста кездешкен айрым сөздөрдү талдоо менен сабакты жыйынтыкташты.Эки мугалим тең сабак өтүүдө изденүү менен окуучуларга терең түшүнүк бере алды.

Ноябрь айында "Манасты кыргыз даңктаган,Кыргызды Манас сактаган"деген темада мектеп аралык сүрөт тартуу,дил баян жазуу боюнча конкурс өтүлдү.Анда эң жакшы тарткан окуучулардын сүрөттөрү жана дил баяндары мектеп боюнча атайын уюштурулган бурчка коюлду.

4-декабрь "Манас" күнү деп белгиленгендигине байланыштуу ар бир класс дубал газета чыгарышты.Дил баян,реферат жасышты.

Молдокеева Элиза мектеп боюнча "Жаш манасчылар" конкурсун уюштурду.Мектеп ичинде жеңүүчү болгон 6-класстын окуучусу Рыскулова Асеманы,8-класстын окуучусу Орозалиев Нураалыны Чүй облустук китепканалар арасында өтүлгөн конкурска 3-декабрда катыштырды.Ошондой эле бул окуучулар активдүү катышкандыгы үчүн кызыктыруучу белектер менен сыйланды.

**Жаңы жыл майрамын откоруу.**

Мектепте жаңы жыл майрамы 28-декабрь күнү мектептин спорт залында өттү.0-4-класстар 28-декабр күнү саат 10.00дөн 11.30га чейин "Жаңы жылдык балаты" майрамын окуучулардын ыр,бий ,көркөм окуу жомокторун тартуулоо менен өтүлдү.5-7-класстарды 12.00дөн 13.30га чейин "Жаңы жылдык жомок" деген темада өтүлсө, 8-11-класстардыкы Жаңы жылдык карнавал 14.00дөн 16.30га чейин болду.Майрамдын аягында ар бир окуучу үйлөрүнө таратылып,бул куну окуучулар ар кандай кылмыштуулукка барып,кафе,эс алуучу жайларга баруу тыюу салынары окуучуларга эскертилип,ЖЖӨИИу ,класс жетекчилер ,соц.педагог тарабынан көзөмөлдөнүп турду

**Губернатордук ёлка.**

К.Маликов атындагы орто мектебинен губернатордук ёлкага мектепте жакшы окуган соц. жетим 5-класстын окуучусу Чоноева Анеля (көп балалуу үй-бүлө),

5-класстын окуучусу:Абдылдаев актан(соц.жетим,чоң апасы менен жашайт),Кадыркулова Апар (көп балалуу)сунушталды.Соц.абалына карап, жагымдуу маанай тартуулоо максатында бул окуучулар тандалып 23-декабрда барып келишти

**Аким тарабынан уюштурулган балаты майрамы.**

Аким тарабынан уюштурулган балаты майрамына биздин мектептен 4а -класстын окуучусу: Жаныбекова Талайкүл (соц.жетим.), 2б-класстын окуучусу :Байгазаков Арсен(соц.жетим.тайэнеси менен жашайт),4б-класстын окуучусу:Тентимишев Жандос (соц.жетим,жашоо шарты оор) жиберилди.Бул окуучулар соц. топтогу балдар.Бир аз болсо да балдарга жагымдуу маанай тартуулоо максатында бул окуучулар тандалды.Майрамга 24-декабрда барып келишти

**Президент тарабынан уюштурулган "Балаты" майрамы**

Президент тарабынан уюштурулган "Балаты" майрамына 22-декабрдан 24-декабрга чейин 8-класстын окуучусу Кыязбекова Аяна барып келди.Аяна тайэжеси менен жашайт. Мектепте жакшы окуйт.Ата-энеси ажырашып кеткен.

## Индекс: 03-05 Менин мекеним –Кыргызстан

## 31-август "Кыргыз Республикасынын Эгемендик күнү"

К.Маликов атындагы жалпы билим берүү орто мектебинде "Эгемендүүлүктүн 30 жылдыгын " белгилөөдө төмөнкүдөй иш-чаралар жүргүзүлдү:

31-августа айылдын клубунда чоң майрамдык маареке уюштурулду.Ал маарекеге Логвиненко айыл өкмөтүнүн жашоочулары,айыл депутаттары,айыл өкмөтүнүн жамааты,мугалимдер жамааты,мектеп окуучулары катышты.Мектеп окуучулары тарабынан концерттик программа даярдалды.Окуучулар жалпы майрамдын коноктору Эгемендүүлүк күнү менен куттукташты.Анда 5-6-класстын окуучулары көркөм окуу менен катышса,7-класстын окуучулары "Кыргыз" бийин,9-класстын окуучусу Турогелдиева Адина "Сардал кыз"кыргыз бийин,1-класстын окуучусу Болотова Айлин индия бийин,10-класстын окуучусу Каныбекова Алтынай Латын Америка бийин бийледи.6-класстын окуучусу Джапаров Бекназар Манас айтса,10-класстын окуучусу Джапаров Асылбек "Кыргызстан"9-класстын окуучусу Иманалиева Алина "Апа",7-класстын окуучусу Орозалиев Нуралы "Кыргызстан обондору"деген ырды ырдашты.Баардык катышкан окуучулар айыл өкмөтү тарабынан белектер менен сыйланды.

Майрам ар түрдүү оюн-зоок менен коштолду.Оюн –зоокко мектеп окуучулар да катышты.

1-11-класстын класс жетекчилери тарабынан 31-октябрга карата видеороликтер тартылып,ар бир класстын группаларына жөнөтүлдү.Анда Эгемендүүлүк күнү жөнүндө толук маалыматтар ,спорт жаатындагы ийгиликтер да камтылган.Эгемендүүлүк күнү боюнча окуучулардын толук маалыматы бар.

**15-сентябрь "Билим күнүн"өткөрүү жөнүндө.**

15-сентябрь "Билим күнүнө" арналган салтанаттуу тизим 15-сентябда мектептин спорт залында өтүлдү.Тизим Кыргыз республикасынын мамлекеттик туусун алып кирүү менен башталып, КРнын Гимни ырдалды.Тизимдин жүрүшүндө
0-11-класстын окуучулары,ата-энелер жана мугалимдер катышты.

Мектептин директору окуучуларды жаңы окуу жылы менен куттуктап,15-сентябрга карата мектеп боюнча чыккан буйрук менен тааныштырды. 1-11-класстын окуучулары билим күнүнө арналган куттуктоолорун айтышты.Тизимдин аягында 1-класстын окуучусу Исмаилов Элзар жана 11-класстын окуучусу Бактыбек к Тумарага конгуроо кагуу аземи тапшырылды.Биринчи коңгуроонун кагылышы менен 1-4-класстарда"Ата журтум-асыл мекеним ",5-9-класстарда "Түбөлүккө желбирей бер,Эгемендик желеги",10-11-класстарда

"Мекенибиз Кыргызстан эгемендүүлүк жолунда" деген темада ачык тарбиялык сааттар өтүлдү. Баардык класс жетекчилер сабакка жакшы даярдык менен келишти.Анткени өтүлгөн сабактарга берилген мугалимдердин анализи боюнча сабактар көрсөтмөлүү,жаңы ыкмаларды колдонуу менен өтүлүп,"Кыргызстанды кантип өнүктүрөбүз ?деген суроонун негизинде талкуу болду.Баардык класстар биринчи сабакты КРнын Гимни менен баштапты.Эң жакшы сабакты 4-класстын мугалими Сыдыгалиева Г,10-класстын мугалими Молдокеева Э, 8-класстын мугалими Шабданбекова В .8-класстын мугалими,Керимбаева Айжандар өтүштү.

Мектепке келген окуучулардын саны такталып,ОТИ боюнча директордун орун басарына өткөрүлдү.РБББно маалымат берилди. 15-сентябрь "Билим күнүнө" арналган салтанаттуу тизим жана тарбиялык сааттар өтүлүп,окуучулар үйлөрүнө таратылды.Мектепте эч кандай тартип бузуулар болгон жок.

**"23-сентябрь Мамлекеттик тил" күнү**

11-сентябрдан 21-сентябрга чейин "23-сентябрь Мамлекеттик тил"күнүнө карата он күндүк жарыяланып,план түзүлдү.Ошол пландын негизинде биздин мектептин окуучулары жана мугалимдери сабактарды өтүштү.Ошондой эле.дилбаян,сүрөт конкурсу уюштурулду. 23-сентябрда "Мамлекеттик тил күнүнө арналган салтанаттуу тизим өткөрүлүдү.Тизим өтүүдө коопсуздук эрежелер ,санитардык –гигиеналык абал толугу менен сакталды.Он күндүктүн жыйынтыгы чыгарылды жана РБББно маалымат берилди.

## Индекс: 03-06 Жашоонун сергек мүнөзү

Декабрь айы **"Тамеки жана алкоголдук ичимдиктерге каршы күрөшүү"**

14-декабрда мектепте класс жетекчилерге **"Тамеки жана алкоголдук ичимдиктерге каршы күрөшүүгө"** карата ар бир класска тарбиялык сааттарды өтү боюнча маалымат берилди жана Швейцария Өкмөтү тарабынан каржыланып чыгарылган "Жугуштуу эмес оорулар" деген темада даярдалган папка,видео,көрсөтмө куралдарды колдонуу менен өтүү сунушталды.Адегенде ҮБДТнун окүлү 20-декабрда "Жугуштуу эмес оорулар"жөнүндө класс жетекчилер менен сабак өтүп ,түшүндүрүү иштерин жүргүздү.Ошондой эле окуучуларга "Тамеки жана алкогол" жөнүндө кандай жол менен окуучуларга жеткиликтүү түшүндүрсө боло тургандыгын үйрөттү.

Ошонун негизинде **"Тамеки жана алкоголдук ичимдиктерге каршы күрөшүүгө"** карата баардык класстарда атайын тарбиялык сааттар өтүлдү.Анын ичинен 1-5-класстарда сабак аңгеме түрүндө өтүлдү.Тарбиялык сааттардын өтүлүшүндө класс жетекчилер "Жугуштуу эмес оорулар" бирок адам өзүнүн туура эмес иш- аракетинен ар түрдүү оорулар,анын ичинде онкологиялык оорулардын,өпкө ооруларынын пайда болуу коркунучу тууралуу маалымат берип видеороликтерди көрсөтүштү жана кеңири маалыматтарды беришти.

**6-11-класстарда сабак төрт этапта өттү:**

5) Физикалык активдүүлүктүн пайдасы
6) Тамеки тартуунун организмге тийгизген таасири
7) Алкоголдун организмге тийгизген таасири
8) Жашылча жана жемиштердин пайдасы.

- 6-класска класс жетекчи Талгарбекова Асел 27-29-декабрда,
- 7-класска класс жетекчи Мамбеталиева Саадат 20-23-декабрда,
- 8-класска класс жетекчи Бейшеева Гүлзат 20-24-декабрда,
- 9-класска класс жетекчи Керимбаева Айжан 23-27-декабра,
- 10-11-класска класс жетекчи Молдокеева Элиза 22-23-декабрда жогорудагы төрт тема боюнча тарбиялык сааттарды өтүштү.Сабак өтүүдө класс жетекчилер багыт берип ,

окуучулар өз алдынча топторго дайр көрсөтмө куралдардын негизинде түшүнүктөрүн ачып бере алышты.Сабактын аягында окуучулар бири – бирине суроо берүү менен өтүлгөн темадан жыйынтык чыгарышты жана зыяндуу жактарын билишти.

Мектепте сүрөт конкурс болуп,окуучулар сүрөт,стенгазета тартышты.Окуучулардын мыкты тарткан сүрөттөрүнөн атайын бурч уюштурулду.

Мектепте ден соолук бурчу уюштурулуп,ал жерге агитациялык брошюралар,сүрөттөр коюлду.

Мектеп окуучуларынын Тамеки жана алкоголдук ичимдиктер боюнча түшүнүктөрү жакшы жана бул оорудан сактана билүүнүн жолдорун билишет.

Класс жетекчи,соц.педагог,ЖЖОИИру окуучулар менен жашоонун сергек мүнөзү боюнча тарбиялык саат,аңгемелешүүлөрдү өтүп турду.ЖЖОИИру ар бир бейшембиде келип:"Тамеки өмүргө зыян",аракечтик, наркоман,жаман адаттар,"Эрте кош бойлуулук,"Ала качуу" деген темаларда 1-11-класстарда лекцияларды өтүп турду.8-11-класстарда соц.педагог "Жаман адат-жан дүйнөңө бүлүк салат",9-класстын класс жетекчиси Керимбаева А " Ден –соолукта жашоонун сырын билиңиз",10-11-класстын класс жетекчиси Молдокеева Э"Жок –деп айтканга үйрөн!"-деген темаларда тарбиялык сааттар өтүлдү

**"Баңги заттарына каршы күрөшүүгө"** карата өткөрүлгөн иш-чара боюнча маалымат. К.Маликов атындагы билим берүү орто мектебинде атайын чыгарылган буйруктун негизинде "Баңги заттарына каршы күрөшүүгө" карата февраль айында төмөнкүдөй иш-чаралар аткарылды:

1-4-класстарда класстык сааттар аңгеме түрүндө өтүлүп,наркотикалык заттар жана алардын зыяндуулугу боюнча маалымат берилди.

5-10-класстарда атайын класстык сааттар өтүлүп, мугалимдер окуучуларга баңги заттары жөнүндө тартылган видеороликтерди көрсөтүп,көрсөтмө курал катары ар түрдүү сүрөттөрдү колдонушту.Ошондой эле окуучулар тереңтүшүнүшү үчүн айрым класстар чакан сценка да көрсөттү.

Ар бир класс жетекчи өтүлгөн сабактын иштелмелеринин бирденин ТИ боюнча директордун орун басарына өткөрсө,экинчилерин өзүлөрүнүн папкаларына салышты.

## Индекс: 03-07 Балдардын ден соолугуна кам көрүү (ККЭ,ӨК ,ЖЖЭ ж.б)

**Өзгөчө кырдаалдын алдын алуу боюнча кабыл алынган чаралар жөнүндө.**

К.Маликов атындагы орто мектебинде өзгөчө кырдаалдын алдын алуу үчүн кабыл алынган план боюнча иш-чаралар өткөрүлдү.1-11-класстарда "Өзгөчө кырдаал деген эмне","Жаратылыш кырсыктары","Жол кырсыктарынын алдын алуу","Өрт тилсиз жоо","Жарылуучу заттар"деген сыяктуу темаларда класстык сааттар өтүлдү. Окуучулар өтүлгөн сабакта алган билимдерин күнүмдүк жашоо тиричилигинде туура колдоно билүүгө үйрөнүшөт.

**"Граждандык коргонууга" карата өткөрүлгөн иш-чаралар**

Мектеп боюнча атайын түзүлгөн пландын негизинде төмөнкүдөй иш-чаралар өтүлдү:

1-11-класстарда "Граждандык коргонуу"боюнча атайын тарбиялык сааттар өтүлүп,табигый кырсыктардын алдын алуу жана андан коргонуу жолдорун айтып окуучуларга түшүндүрүлдү.Сабак түшүнүктүү болуш үчүн мугалимдер ар түрдүү интерактивдүү ыкмаларды колдонушту.Видеороликтерди көрсөтүштү.Эвакуация жөнүндө түшүндүрүлдү.Өтүлгөн сабактардын планы алдын ала бекитилип,ар бир мугалимдин

партфолиосуна салынды.Ал эми эң жакшы өтүлгөн сабактын план конспектиси мектеп боюнча түзүлгөн папкага салынды.

5-октябрь күнү мектеп боюнча граждандык коргонуу боюнча машыктыруу иштери өтүлдү.Ага 1-11-класстын окуучулары,мугалимдер жамааты катышты.Узакка созулган конгуроонун үнү менен жалпы мектеп окуучулары класстардан чыгарылып,эвакуацияланып,мектептин спорт аянтчасына тизилишти.Ар бир класс жетекчи өз классы боюнча маалымдашты.Атайын даярдалып,мектептин ичинде калтырылган 3-класстын окуучусуна жардам көрсөтүлүп,мектептин ичинен алып чыгарылды.Аны менен жалпы мектеп окуучуларына:эгерде эвакуация убагында имараттын ичинде адам калып калса,улуу адамдарга,куткаруучуларга билдирип,жардам көрсөтүү керектиги практика жүзүндө далилденди.Ошондой эле окуучулар канчалык деңгээлде граждандык коргонууга даяр экендиги далилденди.Эвакуациялоо убагы видеого тартылып алынды.Окуучуларга дагы бир жолу кырсык убагында ызы-чууга алдырбоо,жанындагы адамдарга жардам көрсөтүү,жаш бөбөктөрдү кошо ала чыкканга дайыма даяр болуу керектиги жөнүндө мектеп директору тарабынан эскертилди.

**Күзгү каникул.**

Күзгү каникул күндөрүн окуучулар туура өткөрүү жана каникул күндөрү коопсуздук эрежелерин туура сактоо максатында төмөнкүдөй иш-чара аткарылды:

-1-11-класстардагы окуучулар коопсуздук эрежелери менен тааныштырылды жана ар бир окуучуга коопсуздук журналына кол койдурулду;

-Санитардык-гигиеналык абалды туура сактоо,үйдөн чыктоо,эл көп чогулган жерлерге барбоо жөнүндө эскертилди

**Кышкы каникул.**

Кышкы каникул убагында окуучулардын коопсуздугунун алдын алуу боюнча жүргүзүлгөн иш-чаралар:

Окуучулар каникулга кетээрдин алдында КЭ,ЖЖЭ менен тааныштырылып,коопсуздук журналына кол койдурулду.Ошондой эле "Жарылуучу заттар"деген темада класстык сааттар өтүлүп,пиротехникалык каражаттарды туура колдонуу эрежелери жөнүндө окуучуларга маалымат берилди.

## Индекс: 03-08 Кайрымдуулук "Алтын ачкыч" (Майыптар күнү,карылар күнү,тимурчулар командасы)

**Карылар күнү.**

Мектеп боюнча атайын түзүлгөн пландын негизинде төмөнкүдөй иш-чаралар өтүлдү:

1-11-класстарда "Карылар күнүнө" арналган тарбиялык сааттар өтүлүп,ар бир улуу муундун баскан жолу,кылган иши жөнүндө айтылып,алардын эмгеги биз үчүн баа жеткис байлык экендиги түшүндүрүлдү.Сабак түшүнүктүү болуш үчүн мугалимдер ар түрдүү интерактивдүү ыкмаларды колдонушту.Эң жакшы сабакты 4-6-9-класстын мугалимдери көрсөтүштү.Тарбиялык жагынан 6-класстын окуучулары көрсөткөн "Сырдуу табак"аттуу сценкасы окуучуларга жакшы таасир калтырды.Өтүлгөн сабактардын планы алдын ала бекитилип,ар бир мугалимдин партфолиосуна салынды.Ал эми эң жакшы өтүлгөн сабактын план конспектиси мектеп боюнча түзүлгөн папкага салынды.

Мындан сырткары мектепте "Тимурчулар" тобу түзүлгөн.Ага 7-8-9-10-11-класстын окуучулары катышат .

Мектептеги "Тимурчулар" тобуна 7-8-9-10-11-класстын окуучулары кирет.

| Класс | Кл.жетекчи | Бекитилген адам | Туулган жылы | Жашаган жери |
|---|---|---|---|---|
| 8 | Бейшеева Г | Рысалиева Карагыз | 1943 | Күренкеев 75 |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 9 | Керимбаева А | Абдраимова Суксур | 1938 | Марс 2 |
| 10 | Молдокеева Э | Кочорова Имитбюбю | 1946 | Күренкеев 15 |
| 11 | Молдокеева Э | Иманалиева Назгүл | 14.08.1972 | Марс №46 |

Ар бир бекитилген адамдарга "Тимурчулар"тобу майрам күндөрү барып куттуктап турушат.Мезгил мезгили менен барып,үйлөрүнүн тегерек четин тазалап,отун жарып,жардам көрсөтүшөт.Класс жетекчи тарабынан атайын дептер ачылып, "Тимурчулар"тобунун ар бир барып жардам көрсөткөн күндөрү жазылып турат.

Ар бир класс "Карылар күнүнө" арналган дубал газеталарды чыгарышты.Ошондой эле сүрөт сабагынын мугалими сүрөт көргөзмөсүн уюштурду.

"Карылар күнүнө арналган атайын тизим өткөрүлүп,ата-эне эмгегин баалап,аларга урмат сый көрсөтүү жана багуу ар бир баланын атуулдук милдети экендиги айтылды.

## 3-декабрь "Эл аралык майыптар" күнү

**"Биз биргебиз" аттуу Эл аралык Майыптар күнүнө карата мектепте төмөнкүдөй иш-чаралар өтүлдү:**

"Эл аралык Майыптар күнү жана кайрымдуулук айлыгы"өтүлүп,мүмкүнчүлүктөрү чектелген адамдарга колдоо көрсөтүү үчүн "Биз биргебиз"акциясын уюштуруп материалдык,социалдык жардам көрсөтүү ар бир адамдын атуулдук милдети экендиги айтылды жана окуучуларды боорукерликке,кайрымдуулукка үйрөтүү максатында 1-11-класстарда тарбиялык сааттар уюштурулду.Класстык сааттарда окуучулар боорукерлик,кайрымдуулук боюнча өз ойлорун айтып беришти.Айрым окуучулар майып адамдар жөнүндө жазган ырларын окуп беришти. Кайрымдуулук акциясына окуучулар жана мугалимдер жамааты катышып акча,тамак-аш чогултулду.

2-топтогу майып,жалгыз бой эне Иманалиева Назгүлгө кайрымдуулук акциясынан чогулган акчалай жана материалдык жардам көрсөтүлдү.Иманалиева Назгүлгө бир гана майыптар күнүндө эмес,мугалимдер жана окуучулар тарабынан дайыма жардам көрсөтүлүп турат.10-класстын окуучулары Назгүлдүн үйүнө барып отунун жарып,тегерек четин жыйнап беришти.

11-класстын класс жетекчиси менен окуучулары Кочорова Үмүт апага да акчалай жана материалдык жардам көрсөтүштү

## Индекс: 03-09 Укуктук тарбиялоо

**Көңүл бургула!Баардык балдар билим алууга тийиш!**

-"Көңүл бургула, бардык балдар окууга тийиш!" райондук айлыгынын өткөрүлүшү. К.Маликов атындагы орто мектебинде баардык окуучуларды мектепке тартуу максатында мектеп мугалимдери тарабынан август, каттоосу жүргүзүлдү.Каттоо жүргүзүүдө мугалимдер санитардык –гигиеналык абалды сактоо менен окуучуларды каттап чыгышты.

"Баардык балдыр билим алууга тийиш" аттуу рейддин жүрүшүндө, мектептин окуучуларынын саны такталды жана жыйынтыгында мектепке келбеген окуучулар жок экендиги аныкталды.

Ошондой эле соц.топко кирген балдар такталды. "Ар бир соц топтогу балдарга акт түзүлүп,атайын папка ачылып,соц топтогу бала жөнүндөгү толук маалыматтар салынды.

**Социалдык акыйкат күнүнө** арналган айлыктын өткөрүлүшү жөнүндө.

К.Маликов атындагы орто мектебинде социалдык акыйкат күнүнө карата төмөнкүдөй иш-чаралар аткарылды:Мектептеги окуучулардын баардык тиешелүү документтери текшерилип,иретке келтирилди.Мектепте туулгандыгы тууралуу күбөлүктөрү жок 2 окуучу бар болчу.Алар 3-класстын окуучусу Тойчубекова Камила,4-класстын окуучусу

Тынчылыков Марсел.бул окуучуларга сентябрь айында үзгүлтүксүз жүргүзүлгөн иш-чаранын негизинде туулгандыгы тууралуу күбөлүгү алынды

**Терроризм жана диний экстремизм.**

2015-жылдын 14-сентябрындагы КР Терроризм жана диний экстремизмге каршы күрөшүү маселеси боюнча КР коргоо кеңешмесинин чечими,Ысык-Ата РБББнүн 2015-жылдын 12-октябрындагы №53 буйругун аткаруу максатында мектептин
12-октябрь 2015-жылы №46/1буйругу чыгарылган.Ал буйрукту 2021-2022-окуу жылында да улантып,төмөнкүдөй иш-чаралар аткарылды:Декабрь айында

-Диний экстремизмге каршы күрөшүү боюнча 1-4-класстарда аңгеме түрүндө өткөрүлдү.

- Диний экстремизмге каршы күрөшүү боюнча 5-11-класстарда атайын тарбиялык сааттар өтүлдү.Сабак өтүүдө мугалимдер интернеттердеги ар түрдүү видиороликтерди, цитаталарды колдонуу менен окуучуларга жеткиликтүү түшүндүрө алды. 10-11-класстын класс жетекчиси Молдокеева Элиза "Кыргызстандагы эл аралык терроризм коркунучтуу"деген темада ачык сабак өтсө,8-класстын класс жетекчиси:Бейшеева Гүлзат"Диний экстремизм" деген темада тегерек стол өттү.Сабак өтүүдө мугалимдер интерактивдүү ыкмаларды колдонуу менен окуучулардын толук түшүнүүсүнө өбөлгө түзүлдү.Өтүлгөн сабактар максатына жетти.Жалпысынан мектеп окуучуларынын Диний экстремизм жана терроризм жөнүндө түшүнүктөрү бар.

## Индекс: 03-10 Мектептин уставы

Мектепте мектептин уставы,печаты,штампы быйылкы окуу жылында жаңыланып алынды.Мугалимдер устав менен таанышкан.Уставда мекеменин иш-тартиби,ишмердүүлүгү корсотүлүп,негизги документ болуп эсептелет.

## Индекс: 03-11 Класс жетекчилер усулдук бирикмеси

К.Маликов атындагы жалпы билим берүү орто мектебинде класс жетекчилер усулдук бирикмеси түзүлгөн.Ага 0-класстан 11-класска чейинки класстын класс жетекчилери камтылган.Алар:

1. Мусаева Г.Т 0-2а-класстын класс жетекчиси;
2. Карабаева Б.Н.1- класстын класс жетекчиси;
3.Керимжанова Насиат 2б-класстын класс жетекчиси
4.Сыдыгалиева Г.А 3- 4а- класстын класс жетекчиси;
5.Токтосунова Гүлзана 4б- класстын класс жетекчиси;
6.Керимбаева А.Ф 5-9- класстын класс жетекчиси;
6.Талгарбекова А.Т. 6- класстын класс жетекчиси;
7.Мамбеталиева С.И 7- класстын класс жетекчиси;
8.Бейшеева Г.И 8- класстын класс жетекчиси;
9.Молдокеева Э.Т.10-11- класстын класс жетекчиси;

Усулдук бирикменин жетекчиси ТИ боюнча директордун орун басары Шабданбекова Венера Чопоевна.Класс жетекчилер бир жылга жана айларга бөлүнүп атайын түзүлгөн пландын негизинде тарбиялык иштерди алып барышат.Ар бир аткарылган иштин иштелмелеринин бирденин озүлөрүнүн пакаларына салышат,ал эми экинчисин тарбия иштери боюнча директордун орун басарына өткөрүшөт.Мектепте ар бир даталуу күнгө карата өтүлгөн иш чара үчүн папка уюштурулган.Ал папкада өтүлгөн иш-чаранын иштелмелери салынат.Мындан сырткары класс жетекчилер чейрек сайын чейрек ичинде аткарылган тарбиялык иштеринин анализин жазып,секция жетекчисине өткөрүшөт.Секция мүчөлөрү менен бирдикте ар бир өтүлө турган иш-чара боюнча талкуу

болуп, өтүлүүчү иштин планы түзүлдү жана ал пландын негизинде тарбиялык иш-чаралар аткарылып турду.

## Индекс: 03-12 Мектептин өзүн өзү башкаруу уюму

Мектепте өзүн-өзү башкаруу уюму түзүлгөн.Ага 1-11-класстын окуучулары камтылган жана үч топко бөлүнгөн:

1.Сейтек уюмуна 1-4-класстын окуучулары;

2."Семетей "уюмуна 5-8-класстын окуучулары;

3."Манас"уюму 9-11-класстын окуучулары кирген.

Мектеп парламенти төмөнкүдөй курамдан түзүлгөн:

| № | Окуучунун аты,жөнү | Классы | Аткарган кызматы | Телефон № |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Турогельдиева Марина | 11 | Мектеп президенти | 0709980329 |
| 2 | Сатиева Айсулуу | 11 | премьер | 0504454593 |
| 3 | Эркинова Нестан | 11 | Окуу сектор | 0502010836 |
| 4 | Шамалбекова Канайым | 9 | Тазалык сектор | 0709606404 |
| 5 | Каныбекова Алтынай | 10 | Маданий сектор | 0700326638 |
| 6 | Шайбеков Бакыт | 10 | Спот сектор | 0709239184 |
| 7 | Джапаров Асылбек | 10 | Эколог | 0551801501 |
| 8 | Эркинова Нестан | 10 | Басма сөз кызматы | 0700911674 |

Бул окуучулар өзүнүн ишин жакшы билишет.Ар бир дүйшөмбүдө парламент мүчөлөрү рейд жүргүзүп,окуучулардын санитардык абалын,окуу куралдарын,формасын текшерип турат.Ошондой эле дептер ачып, аткарылган иштер боюнча жазып турушат.Мындан сырткары мугалимдер күнүнө,карылар күнүнө,жаңы жылдык майрамга карата өзүн –өзү башкаруу уюму жана класс жетекчилер менен бирдикте майрам уюштуруп,концерттик программасын тартуулашат.Окуучуларды укуктун жактан тарбиялоодо да мектеп парламентинин милдети,аткарган кызматы чоң.Анткени окуучулар арасындагы анча-мынча талаш-тартыш,тил келишпөөчүлүктөрдүн жеңил чечилишине чоң салымдарын кошуп турушат.Себеби мугалимдерге караганда балдар-балдар менен бат тил табышып сүйлөшө алышат жана көзөмөл кылып турушат.

Кайрымдуулук акциясын уюштуруп,гуманитардык жардам чогултуда, ишембилик өткөрүүдө,окуучулардын коопсуздугун көзөмөлдөөдө,мугалимге жардам көрсөтүп өзүлөрүн жоопкерчиликтүү сезишет.

## Индекс: 03-13 Ата-энелер жана коомчулук менен иш алып баруу

К.Маликов атындагы орто мектеби ата-энелер менен ар дайым байланыш түзүп турат.Балдардын окуусу гана эмес,мектептин ар кандай көйгөйлөрүн чечүүдө да ата-энелер өзүлөрүнүн көмөктөрүн көрсөтүп жардам берип турушат.Ата-энелер менен бирдикте ар кандай иш-чаралар,семинар,жолугушуулар өткөрүлдү.1-11-класстарда ар бир чейрек сайын ата-эне чогулушу болуп,ар түрдүү маселелерди чечип,балдарынын тартиби,тазалыгы,окуусу,сабакка келүүсү боюнча түшүндүрүү иштери болуп турду.Ата-энелердин кошумча жардамы менен 1-4-класстарда ысык тамак уюштурулуп,балдар бир маал ысык тамак ичип турушту.

ТИ боюнча директордун орун басары: Шабданбекова В.Ч.

Директор: Бейшеналиева Ч.А.